# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ** | ИЮНЬ **2014** | **№6 (31) чыгарылышы**

## Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ ЧЫГАРЫЛЫШТА:

**Кызуу талкууда**

Жай – кийинки жылдын бюджетин талкуулоо үчүн эң ыңгайлуу мезгил . . . 2

**Жарандардын ЖӨБгө катышуусу**

Жаңы идеялардын эски көйгөйлөрдү чечүүгө интеграцияланышы. Тажрыйба алмашуунун натыйжалары . . . 7

Калкты маалымдоо – ЖӨБдүн маанилүү тапшырмаларынын бири. Бул маселени Тогуз-Торо айыл аймагында кантип чечишти? . . . 12

Өнүктүрүү саясат институту жана “Кыргызстан айылдык ден соолук комитеттери” ассоциациясы “Элеттик ден соолук комитеттеринин үнү” Долбооруна катышуу үчүн пилоттук элеттик саламаттык комитеттерин (ЭСК) тандап алышты . . . 15

**ЖӨБ кадрлары**

Мамлекеттик кызмат = муниципалдык кызматпы? Ушундай болобу? . . . 17

**ЖӨБ ресурстары**

Жарандардын суу ресурстарын башкарууда чечим кабыл алуу процессине катышуусу . . . 20

**Мыйзамдагы жаңылыктар**

Мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө типтүү келишим, жерлерди трансформациялоо, жергиликтүү маанидеги маселелердин (жер казынасын пайдалануу) тизмегин кеңейтүү, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр, “Эң мыкты айыл өкмөтү” наамына сынак, башкы планга жеткиликтүүлүк жөнүндө . . . 22

**Юридикалык кеңеш**

ЖӨБ органдарынын суроолоруна прокуратуранын кызматкерлери жооп берет: кызматтык машина, жарандардын арыздарына жооптор, мөөнөттөн ашыкча жумушту төлөө, айыл башчысын тестирлөө, текшерүүлөр, кара ниет арызчылар, айыл башчыны дайындоонун тартиби, жооптуу катчынын милдеттери, токой чарба жерлери жана жайыттардын чектери, айыл өкмөтүндө бош орунду сынактан тышкары убактылуу ээлөө, сыноо мезгили, айыл өкмөтүнүн штаттык юристи, жергиликтүү кеңештин төрагасынын статусу, айылдык кеңештин чечимин жокко чыгаруу, кызматтарды депутаттык мандат менен айкалыштыруу тууралуу . . . 24

**Абалың кандай, борбор калаа?**

Ачык-айкын бюджет – жарандардын мэрияга жана борбор калаанын шаардык кеңешине ишенимдин кепилдиги . . . 31

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Техникалык редактор
***Айганыш Качаганова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053



# Жай – кийинки жылдын бюджетин талкуулоо үчүн эң ыңгайлуу мезгил

**Азамат МАМЫТОВ, Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ӨСИ ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери

**Ушул жайда коомдук бюджеттик угууларды (КБУ) өткөрүү практикасына Кыргызстандагы 13 айыл өкмөтү тартылды. Биринчи жолу адамдар өз айылындагы өтө зарыл көйгөйлөрдү талкуулоого катышып, жергиликтүү казынаны толтуруу боюнча чечимди биргелешип издешти. Ал эми июнь айынын үч аптасында эле Өнүктүрүү саясат институтунун ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун консультативдик жана техникалык колдоосу менен 2015-жылдын бюджетине арналган, кайсы бир түрүндө элдик жыйналыш Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы 29 пилоттук айылдык аймакта (АА) өттү.**

## Жарандарга бюджет тууралуу маалымат эмне үчүн керек жана аны качан бериш керек?

Баары болуп угууларга 2,5 миңге жакын киши, анын ичинде 1043 аял катышты. Орточо эсеп боюнча, ушундай ар бир чогулушка 90дун тегерегинде элет тургуну катышты. Эксперттердин баамында, бул ушул аймактардын калкынын аң-сезиминин өсүшүн гана эмес, жергиликтүү казынаны түзүүдө жана толтурууда жарандардын катышуусунун маанисине болгон кызыгууну жана түшүнүүнү тастыктап турат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча адистердин баамында, мезгилдин үмүт чырагын жандырган белгиси – бул каржылык борборлоштурууну азайтуу мүмкүнчүлүгү милдеттүү шарттардын бири. Мында ЖӨБ органдары каржы

ресурстарын башкарууда эркин болуу менен, жарандардын жашоо шартын жакшыртуу үчүн өзүнө жоопкерчилик алышат. Алардын негиздүү сөзү эң эле маанилүү маселелер боюнча чечим кабыл алууда жаңырып турат. Ал эми бюджеттик процесс ошондой маселелердин бири. Ушуну менен бирге бул башкы каржылык документти түзүүдө жана аткарууда айкындуулук жана отчеттуулук дегенди түшүндүрөт.

Белгилүү болгондой, ким маалыматка ээ болсо, ал дүйнөнү башкарат. Биздин заманда бул санат сөз өзгөчө актуалдуу болуп калды. Билбестик, бейкабардык эрежеге ылайык ушак кептерди, жоромолду жаратып, окуяларды бурмалап чечмелөөгө түртөт.

Ошондуктан Өнүктүрүү саясат институту ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында КБУну өткөрүү демилгесин көтөрүп, бюджет долбоору боюнча угуулардын географиясын кеңейтүү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү казынанын абалы тууралуу эл алдында отчет берип, калкка көрсөтүлгөн кызматтар тууралуу айтып берип, болочок бюджеттин баштапкы варианты жана анын артыкчылыктары менен тааныштыра алышы үчүн аянтча түзүү максатын көздөдү. Ал эми элеттиктер өз кезегинде маалыматка ээ болуп, аткаминерлердин аракеттерине сереп салуу, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына гана баа берүү эмес, жергиликтүү жетекчилердин көңүлүн эң көйгөйлүү маселелерге буруу, атүгүл бюджеттин болочок долбооруна өз сунуштарын киргизүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушмак. Бүгүнкү күндө мындай мамиле жана өз ара аракеттешүү колдоого гана алынат, анткени күндүн талаптарына жооп берүүдө.

Долбоор боюнча угууларды өткөрүүнү жөнгө салган мыйзамдардагы нормаларга ылайык жана бюджеттик календарды эсепке алуу менен бюджет долбоору боюнча коомдук угуулар үчүн эң ылайыктуу учур – 1-июндан 20-июнга чейинки мезгил. Эмне үчүн угууларды ушул убакыттан эрте же кеч өткөргөн муниципалитеттер өз максаттарына жете алышкан жок? Биринчиден, мыйзам боюнча, Каржы министрлиги 30-майга чейин ЖӨБ органдарына бюджеттик циркулярды, теңдөөчү гранттар жана жалпы мамлекеттик салыктарды бөлүүнүн пайыздарын берет – булар болбосо, бюджет долбоорун даярдоо мүмкүн эмес. Ошондуктан 1-июнга чейин шаарлар да, айылдар да эрежеге ылайык, талкуунун предмети болуп эсептелген өз кирешелерин эсептей албайт, анткени ошол маалда каржылык маалыматтар түшө элек болот.

## Тапшырма: бюджет тууралуу маалыматты ар бир адамга жеткирүү

Угууларга даярдык бюджет долбоорунун өзүн иштеп чыгуудан тышкары угууларга "чейин", угуулар "маалында" жана "андан кийин" маалымат өнөктүгү өңдүү маанилүү элементти камтыйт. Иштин ийгилиги жарандарды маалымдоо кантип уюштурулганына жараша болот. Бул жылы бардык айыл өкмөттөрү калкка маалымат жеткирүүдө алардын колунда болгон аспаптардын жана усулдардын кеңири палитрасын колдонушту: адамдар көп жүргөн жерлерге түрдүү форматтардагы жарыя-баракчаларды чаптап чыгышты, жарыя жазылган чоң баннерлерди жайгаштырышты, жашоочулар арасында чакыруу барактарын таратышты. Бирок муну менен гана чектелип калышкан жок. Активисттер машинеге отуруп алып, же ат минип бардык көчөлөрдү кыдырып чыгышты, үн күчөткүчтүн жардамы менен элеттиктерге угуулар өтө турган саатты жана күндү эстетип турушту. Райондун жана облустун массалык маалымат каражаттары, ошондой эле республикалык телевидение, "Эркин-Тоо", "Кыргыз-Туусу", "Аймак" ж.б. гезиттер пайдаланылды. Бирок бул да жетишсиздей көрүндү. Ошондуктан айыл өкмөттүн кызматкерлери жамааттын лидерлерине жана актив мүчөлөрүнө телефон чалып чыгышты. Бирок, биздин баамыбызда, Бостери АА (Ысык-Көл облусу) жасагандай, калкты даярдоо жана мобилдештирүү маселелери боюнча аймактын лидерлеринин жана аксакалдарынын атайын жумушчу жолугушуусу адамдарга эң натыйжалуу үгүт таасирди тийгизди. Бул жерде окуялар башталганга бир апта калганда жергиликтүү депутаттардан, мекемелердин жана уюмдардын, бейөкмөт уюмдардын, комитеттердин жетекчилеринен, айыл аксакалдарынан, демилгелүү топтун жана Биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун өкүлдөрүнөн турган жамааттын бардык лидерлерин чогултушуп, аларга бюджеттик угуулардын максаттарын жана тапшырмаларын түшүндүрүп беришти. Түшүнүктүү болуш үчүн баарына маалыматтарды камтыган материалдардын пакетин таратып беришти.

Ошол күндөрү айылдарды баннерлер орнотулган таштанды ташыган машинелер кыдырып жүрдү. Албетте мындай аракеттер сөзсүз натыйжасын бермек. Бостери АА угууларга 170тен ашык адам катышты. Курорттук мезгил башталып, Бостеринин тургундарын жайкы жумуштардан жана эс алуучуларды тейлөө иштеринен алагды кылуу кыйын болгонун эске алганда, бул абдан жакшы көрсөткүч. Иш-чара конструктивдүү нукта өттү: бир



топ суроолор жана сунуштар болду (Бостери АА коомдук бюджеттик угуулар тууралуу кеңири маалыматты Ысык-Көл облусуна жасалган тажрыйба алмашуу тууралуу макаладан окуй аласыз).

Бүгүн жыйынтык чыгарып жатып, бардык айылдык аймактарда угуулар зарыл болгон деңгээлде уюштурулду деп ишенимдүү айтса болот: эл көрө турган жерлерде пландалып жаткан кирешелер жана чыгашалар тууралуу инфограмма түрүндөгү маалыматтар жана бюджет тууралуу башка пайдалуу маалыматтар жайгаштырылды. Көптөгөн уюштуруучулар пайдалуу менен жагымдуу иштерди айкалыштыра алганын белгилеп коюу керек. Угууларда залдан жаңырган эң мыкты жана эң кызыктуу суроолор үчүн активдүү катышуучуларга сыйлыктар ыйгарылды.

ЖӨБдүн бюджетиндеги беренелерди көрүнүктүү чечмелеп берүү үчүн (кайсы жакка, эмне үчүн жана канча) Ивановка айыл өкмөтү (Чүй облусу) буга чейин болуп көрбөгөндөй ыкманы тандап алышты. Алар кийинки жылга жергиликтүү бюджетти бөлүштүрүү тууралуу театралдаштырылган күлкүлүү оюн көрсөтүштү. Анда айыл өкмөттүн ар бир кызматкери кандайдыр бир ролду аткарып берди. Оюндун каармандары кирешелер жана чыгашалар, айылдын көйгөйлөрү – ичүүчү жана сугат суунун таңсыктыгы, талкаланган жолдор, жарыктандыруу, мектептин, бала бакчалардын, клубдардын ремонту тууралуу айтып жатышты. Мындай чыгармачыл жаңы нерсе адамдарга абдан жакты. Угуулардын катышуучуларынын пикирлери боюнча, бул оюн алардын маанайын көтөрө алды, ал эми айылдык аймактын жергиликтүү бюджети дагы да түшүнүктүү жана жеткиликтүү болуп калды.

Жыйынтыгында бардык нерсе туура жасалды: угуулар өз маалында өттү, бардык 29 пилоттук муниципалитетте маалымат өнөктүктөрү натыйжалуу иштелип чыгып, ишке ашырылды. Максат ишке ашты жана жыйынтыгы – калк талкууларга активдүү катышып, бюджет дагы да айкын жана түшүнүктүү болуп калды, жашоочулар артыкчылыктуу маселелерди аныктап, башкы каржылык документтин долбooруна өз түзөтүүлөрүн жана сунуштарын киргизишти. Эми калган иш ЖӨБ органдарына калды. Алар кеңештин сессиясында түшкөн сунуштардын жана кеп-кеңештердин баарын талкуулап чыгып, 2015-жылга бюджет долбоорундагы маалымат өнөктүгүн өткөрүш керек.

## Бюджеттин жөнөкөй сүрөттөлүшү – аны түзүүнүн өзөгү

Ар бир бюджет – олуттуу документ, аны баары эле башынан аягына чейин окуп чыга албайт. Каржыны көп жакшы түшүнө бербеген адамдар үчүн бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү (БКС) иштелип чыкты. Аны калкка жеткиликтүү формада бюджеттик маалыматтарды берүү үчүн ЖӨБ органдары даярдашты. БКСта негизинен кирешелердин булактары сүрөттөлөт, каражаттар (чыгашалар) кантип жана эмнеге сарпталаары айтылат. ЭҮЖӨБОЖ

***1-таблица. Калктын 2015-жылга жергиликтүү бюджеттердин долбоору боюнча угууларга калктын катышуусу жана жарандардан түшкөн сунуштардын саны***


| АА | Катышуучулардын саны |
|---|---|
| Кара-Жал | 64 |
| Кум-Бел | 110 |
| Жети-Өгүз | 184 |
| Тогуз-Булак | 79 |
| Мамбетов | 83 |
| Биринчи Май | 214 |
| Авлетим | 81 |
| Кеңеш | 85 |
| Массы | 142 |
| Курманбек | 81 |
| Торкен | 44 |
| Көк-Ирим | 92 |
| Ала-Бука | 135 |
| Улахол | 46 |
| Липенка | 50 |
| Ак-Чий | 113 |
| Арал | 62 |
| Бостери | 171 |
| Жаңы-Жол | 62 |
| Жаңы-Жол | 44 |
| Сумсар | 55 |
| Көк-Таш | 63 |
| Багыш | 89 |
| Сакалды | 65 |
| Бешик-Жон | 74 |
| Тогуз-Торо | 58 |
| Төрт-Күл | 30 |
| Тоң | 35 |
| Ивановка | 63 |
| ***БАРДЫГЫ:*** | ***2474*** |

Долбоорунун адистери БКСтын макетин иштеп чыгышты. Анын жардамы менен ЖӨБ органдары бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн оңой эле даярдай алганын айта кетүү керек.

Ошондой эле ЭҮЖӨБОЖ Долбоору муниципалитеттерге техникалык колдоо көрсөттү: 13 пилоттук АА угууларды өткөрүү боюнча кеп-кеңештерди берип, 29 айыл үчүн зарыл болгон санда көчүрмөлөрдү чыгарууга, бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн диаграммасы менен баннерлерди, афиша-жарыяларды, чакыруу баракчаларын ж.б. чыгарып берди.




***1-диаграмма. Жергиликтүү бюджет боюнча жарандардан түшкөн сунуштардын саны***




***2-диаграмма. Жергиликтүү бюджет боюнча жарандардан түшкөн жана ЖӨБ органдары кабыл алган сунуштардын саны***

## БКСтын статистикасы жана натыйжалары

15 пилоттук муниципалитет кимдир бирөөнүн жардамысыз эле бюджет долбоору боюнча коомдук угууларды өткөрдү. Мыкты натыйжа деп угуулардын жыйынтыктарын атаса болот: 29 пилоттук муниципалитетте калктан 225 сунуш түштү, алардын ичинен бюджеттин долбооруна 132 сунуш киргизилди (1-таблицаны караңыз). Калк жергиликтүү бюджетти көбөйтүү зарылчылыгын түшүнө турганы кубандырды. Айталы, 21 аймактагы угууларда адамдар жергиликтүү бюджеттин кирешелерин көбөйтүү боюнча 70тен ашык түрдүү сунуштарды киргизди (2-табл. караңыз). Чыгашаларга карата айтсак, толтура көр тиричилик көйгөйлөрдүн арасында элеттиктер маданиятты жана спортту өнүктүрүү зарылчылыгын да унутушкан жок: 16 айылдык аймакта адамдар бул чөйрөнү өнүктүрүү боюнча 22 сунушту беришти.

## Жарандар эмне тууралуу айтышууда жана эмнелерди сунуштоодо?

Угуулардын жүрүшүндө ЖӨБдүн элеттик органдары талкуунун катышуучуларынан бир топ кызыктуу, аткарылчу жана ишке ашпай турган сунуштарды алышты. Серепсалып отуруп, биз адамдар биринчи кезекте жергиликтүү бюджеттин чыгашалар бөлүгүн көбөйтүүнү сунушташаарын, башкача айтканда, тиги же бул маселени чечүүгө көбүрөөк акча коротууну сунуштай турганын байкадык. Ал маселелер – элет жолдорун оңдоо, бала бакчаларды жана клубдарды куруу жана реконструкциялоо, суу менен камсыздоону жакшыртуу, жашылдандыруу, көчөлөрдү жарыктандыруу жана таштанды чыгаруу. Мисалы, Биринчи май, Ала-Бука, Багыш, Б.Мамбетов, Арал айылдык аймактары жашылдандырууга, жарыктандырууга, элет жолдорун оңдоого, суу менен камсыздоого жана катуу тиричилик калдыктарын жыйноого көбүрөөк акча каражатын бөлүүнү сунуштаса, Тогуз-Торо, Масы, Сакалды, Тогуз-Булак айылдык ай-

***2-таблица. Түшкөн сунуштардын даражасы***

| № | Тема | АА саны | Түшкөн сунуштардын саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Элеттин жолдору жана көпүрөлөрү | | |
| 2 | Ичүүчү суу | 10 | 12 |
| 3 | Бала бакчалар | 10 | 11 |
| 4 | Жарыктандыруу | 2 | 2 |
| 5 | Таштанды | 7 | 8 |
| 6 | Мектептер | 11 | 17 |
| 7 | Жашылдандыруу | 6 | 7 |
| 8 | Маданият жана спорт | 16 | 22 |
| 9 | Башкалар (электрификациялоо, социалдык жардам, сугат суу, долбоорлорду кошо каржылоо, айыл чарбаны өнүктүрүү ж.б.) | 22 | 60 |
| 10 | Жергиликтүү бюджеттин кирешесин көбөйтүү боюнча сунуштар | 21 | 70 |
| | ***БАРДЫГЫ:*** | | ***225*** |

мактардын жашоочулары бала бакчанын, коомдук мончолордун жана клубдун курулушуна акча бөлүүнү өтүнүшөт. Электрификациялоо зарылдыгын Төрт-Күл, Жети-Өгүз жана Арал айылдык аймактардын жашоочулары айтышты.

Бир жагынан адамдарда чыгашаларды бөлүштүрүүгө таасир этүү мүмкүнчүлүгү болгону жакшы деңизчи. Бирок экинчи жагынан адамдар айылдын бардык керектөөлөрүн канааттандырууга акчаны кайдан алуу керектигин дайыма эле ойлоно беришпейт. Ошондуктан киреше бөлүктү көбөйтүү боюнча сунуштар өзгөчө баалуу жана маанилүү болуп турат. Ал эми кирешелерди кантип көбөйтсө боло турганы тууралуу кеңештерди ЖӨБ органдарына коомчулук берет. Мисалы, адамдар бардык жерлерди, анын ичинде саяжай жана короо-жай жер участокторун инвентаризациялоо маселелерин карап чыгууну сурашышты. Анткени эч кандай укукту тастыктоочу жана укукту орнотуучу документтерсиз, салык төлөбөстөн бир гектарга чейин жерлерди мыйзамсыз басып алган үй-бүлөлөр да бар (Ак-Чий, Авлетим, Кара-Жал АА). Калкка акыга кызмат көрсөткөн айыл чарба техникасын, такси, жүк ташуучу машинелерди, бильярддарды, жеке мончолорду, дүкөндөрдү, чач тарачтарды патентке өткөрүү зарылчылыгы тууралуу маселе көтөрүлдү (Масы, Төрт-Күл, Көк-Ирим, Б.Мамбетов АА). Ак-Чий АА жашоочулары кой кыркуу үчүн атайын жай түзүүнү, ал эми акыга кызмат көрсөткөнү үчүн жергиликтүү бюджетке салык төлөөнү сунушташты. Транспортко салык төлөө боюнча так көзөмөлдү жана эсепти жүргүзүүнү Липенка АА жашоочулары сунушташты. Эми жергиликтүү кеңештердин депутаттары жаңыртылган толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген бюджет долбоорун сессияларда талкуулашы керек. Ал эми биз болсо бардык 29 аймактын бюджеттери адамдардын каалоолорун жана сунуштарын эсепке алуу менен бекитилет деп үмүт артабыз.



29 пилоттук айылдык аймакта 2015-жылга бюджет долбоору боюнча угууларды өткөрүү боюнча өнөктүктүн жыйынтыгын чыгарып жатып, төмөнкүдөй оң өзгөрүүлөрдү белгилесе болот: ЖӨБ органдарынын жамаат менен өз ара мамилелеринде сапаттуу өзгөрүүлөр болду, ЖӨБ органдары менен калк ортосунда конструктивдүү жана бир кыйла натыйжалуу диалог жүрдү, кийинки жылдын бюджет долбооруна түзөтүүлөрдүн киргизилиши мунун натыйжасы болуп калды. Адамдар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө активдүү катыша баштады, айылдык аймактардын бюджети дагы да айкын жана ачык болду.

Катышуучулардын өздөрү өткөн угууларды төмөнкүдөй баалашты. Курманбеков айылдык аймагынын жашоочусу М. СУЛТАНБЕКОВ: "Бюджет долбоору боюнча толук маалымат берген айыл өкмөттүн кызматкерлерине жана биздин депутаттарга чоң рахмат. Бул иш-чара биринчи жолу өткөрүлүп жатат. Биз ар бир жашоочу үчүн зарыл жана маанилүү болгон теманы ачык талкуулай алдык. Эми мындай иш-чараларды үзгүлтүксүз өткөрүп туруш керек". Ушундай эле маанайдагы пикирин Б.Мамбетов АА жашоочусу К. ЖАНГОРОЗОВ айтат: "ЖӨБ органдары бизге кийинки жылдын бюджет долбоорун талкуулоого катышуу мүмкүнчүлүгүн түзгөнү жана акча кайдан алынып, эмнеге сарпталып жатканын түшүнүүгө жардам бергени абдан туура". М




# Жаңы идеялардын эски көйгөйлөрдү чечүүгө интеграцияланышы. Тажрыйба алмашуунун натыйжалары

**Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ӨСИ ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адиси

**2014-жылдын июнь айында ӨСИ уюштурган ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында тажрыйба алмашуу боюнча кезектеги сапар Ысык-Көл облусунун айылдык аймактарында жарандарды бюджеттик процесске жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу практикасына арналды. Иш жүзүндө сапардын катышуучулары жөнөкөй жана көнүмүш болуп калган иш-чаранын – коомдук угуулардын күбөсү болушту. Бирок мисалдар жакшы тандалып алынды – Ысык-Көл облусунун Бостери айылдык аймагында 2015-жылга бюджет долбоору, ал эми Кара-Ой айылдык аймагында ТКЧ боюнча коомдук угуулар өттү. Сапарга 45 адам катышты. Алардын ичинде Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Чүй облустарындагы 19 элеттик муниципалитеттерден 30 айыл өкмөт башчысы жана айылдык кеңештердин төрагалары бар. Мындан тышкары сапарга ЖӨБЭММА аймактык өкүлүнүн жана райондук мамлекеттик администрациянын атынан мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, ММК кызматкерлери жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери катышты.**

## Тажрыйба алмашуунун эски жаңы механизмдеринин өзгөчөлүктөрү

Биринчиден, тажрыйба алмашуу бир облустун ЖӨБ органдарынын арасында гана уюштурулган жок, сапарга үч облустун өкүлдөрү катышты. Экинчиден, сапардын катышуучулары жамаат үчүн масштабдуу жана маңыздуу иш-чараларга катышып, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жарандардын катышуусунун чыныгы процессинин күбөсү болуп калышты. Үчүнчүдөн, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун "эски" жана "жаңы" пилоттук муниципалитеттеринин ЖӨБ органдарынын жетекчилери тажрыйба алмашуунун катышуучулары болушту. Бул болсо "жаңы" пилотторго дагы да тажрыйбалуу кесиптештердин практикалык тажрыйбасын көбүрөөк үйрөнүүгө жол берди.

Эмесе, тажрыйба алмашуу турунун биринчи иш-чарасы – Бостеридеги коомдук угуулар.

## Бостери АА жашоочулары: "Биз бюджетти түшүнөбүз, биз анын кирешелерине жана чыгашаларына көз салып турабыз!"

Бостери АА угуулар бир нече себептер менен өзгөчө деп эсептелсе болот. Адегенде курорттук зонада жайгашкан элеттик муниципалитет үчүн катышуучулардын санынын көп болгону күтүлбөгөн көрүнүш – баары болуп угууларга 171 адам, анын ичинде 90 аял катышты.

Угуулар жогорку деңгээлде уюштурулду: зал абдан жакшы жасалгаланды, регламент так сакталды, иш-чаранын алып баруучусу туура тандалып алынган.

Талкуулар ашыкча талаш-тартышсыз жана орунсуз пикирлерсиз бир топ конструктивдүү өттү. Бул болсо калкка так жана зарыл суроолорду узатууга, бюджет долбооруна көбүрөөк рационалдуу сунуштарды киргизүүгө жол берди.

Угууларга чейинки маалымат өнөктүгү жакшы уюштурулду. Эл көп жүргөн жерлерде илинген



көрсөтмөлүү материалдардан (баннерлер жана афишалар) тышкары баннерлер-жарыялар аймактагы айылдарды дайыма кыдырып жүргөн эки таштанды ташыгычтын капталдарына илинди. Угууларга бир апта калганда жамааттын 50 лидери (депутаттар, мекемелердин, уюмдардын, бейөкмөт уюмдардын, комитеттердин жетекчилери, аксакалдар, демилгелүү топтордун, биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун өкүлдөрү) чогултулду. Алдын ала жолугушуунун катышуучуларына чакыруу барактары тапшырылды, анда угуулардын программасы менен бирге угуулар маалында жүрүм-турумдун эрежелери сүрөттөлүп, бюджет долбоорунун кыскача сүрөттөлүшү камтылган. Жамааттын лидерлеринин бул жумушчу жолугушуусу алдыдагы иш-чарага карата дагы да жооптуу мамилени калыптандыруу жана жашоочулар арасында ал тууралуу кеңири маалымат таратуу мүмкүнчүлүгүн берди. Муну менен жашоочулар күн мурда суроолорун жана сунуштарын даярдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Угууларда жарандар үчүн шыктандыруучу бөлүк да болду – эң активдүү катышуучулар үчүн залдан жаңырган эң кызыктуу суроо үчүн атайын белек каралды (бул тажрыйба Ак-Чий АА алынды). Натыйжада калыстар тобунун чечими менен сынактын 10 жеңүүчүсүнө салтанаттуу түрдө байге тапшырылды.

Жашоочуларды талкууга активдүү катыштыруу аракети ишке ашты. Жалпы жонунан катышуучулардан 20га жакын суроо жана сунуш түштү. Аларды айыл өкмөтү жана кеңеш карап чыгып, талкулап, кабыл алынган чечим тууралуу калкка маалымдаш керек.

Бюджетти талкуулоодо эң кызыктуусу жалпы дискуссия болуп калды – калкка суроо узатуу, идеяларды, сунуштарды жана эскертүүлөрдү берүү мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Биринчилерден болуп биргелешкен мониторинг жана жана баалоо тобунун мүчөсүнөн 2015-жылы клубдун жаңы имаратынын курулушунун башталуу реалдуулугуна байланыштуу суроо түштү. Бул маселе үч жылдан бери чечилбей келет, концерттерди жана маданий иш-чараларды өткөрүүдө кыйынчылыктар көбөйө баштады. Айыл өкмөт башчысы бул маселени мындайча чечүүгө сөз берди: "Бизде бош жер калбай калгандыктан, эски клубду муниципалдык менчикке кайтаруу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатабыз. Жаңы клубду куруу максатка ылайыксыз. Эң жакшысы – бардык күчтү "Чайка" клубунун капиталдык ремонтуна жумшоо, аны толугу менен жабдуу, зарыл болгон музыкалык аспаптарды, кийим-кечелерди ж.б. сатып алуу".

Жергиликтүү ФАПтын медициналык кызматкерлеринен 2015-жылга пландалган жаңы имараттын курулушу тууралуу кызыктуу суроо түштү. Саламаттык сактоонун өкүлдөрүн курулуш чындап эле башталабы жана ал канча убакытка созулушу мүмкүн деген суроолор кызыктырды. Бул суроо өзгөчө актуалдуу болуп турат, анткени бөлмөлөр жана кабыл алуу кабинеттери жетишсиз, калкы он миңге жеткен айылдык аймактагы эски имаратта 10 гана киши

иштейт. Эгерде калктын саны жайында көбөйөрүн эске алганда (курорттук зона) тейленүүчү адамдардын саны 100 миң адамга чейин жетиши мүмкүн. Бул суроого жооп берген ЖӨБ органдары иштер өз мөөнөтүндө аяктаарын, ФАП сөзсүз курулаарын айтып, убада беришти.

Мектептердин муктаждыктарын каржылоо маселеси салттуу болуп калды, окуучулардын олимпиадаларга жана спартакиадаларга катышуусуна чыгашаларды көбөйтүү, мектеп мугалимдерине коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча жеңилдиктерди караштыруу (көмүр, отун) ж.б., ремонт иштерин өз маалында каржылоо сунуштары түштү.

Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чыгашалары боюнча “ыңгайсыз” суроолорду узатканы угуулардын өзгөчөлүгү болуп калды. Мисалы, резервдик фонддун максатын ачыктоо; эмне үчүн каржылоонун көлөмү боюнча берененин өзү бир кыйла маанилүү болгонуна карабастан ТКЧ кызматкерлеринин маянасы өтө аз болгонун түшүндүрүп берүү; таштанды чыгаруу үчүн каражаттын бөлүштүрүлүшү тууралуу кеңири айтып берүү сунушталды. Айталы, аксакалдар сотунун төрагасы УЧКУРТКАЕВ Т. мындай акыйкат сөзүн айтты: “Таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөткөнү үчүн бюджет долбоорунда болгону 50 миң сом чогултуу каралган. Бирок чындыгында бул сумма бери дегенде 500 миң сом болуш керек. Кылдат эсептерди чыгарып, мындай өтө аз пландоонун себептерин аныктоо зарыл”. Аксакалдын сөзүн Бактуу-Долоноту айылынын ТСПЭКБ бухгалтери МУКАШОВА О. да колдоду: “Бюджеттеги эң көп чыгаша ТКЧга кетет экен. Бирок комплексти чарбалык эсепке которуунун (өзүн өзү каржылоо) эсебинен эки эсеге кыскартса болот”.

Киреше бөлүк маселелери жамааттын көңүл сыртында калган жок. Аны менен катар бак-пляж зонасын ижарага берүүдөн жергиликтүү бюджетке каражаттардын түшүүсүн караштыруу сунушу түштү.

Аймакты ичүүчү суу менен камсыздоо маселеси кызуу талкууну жаратты. Эки айылдын жашоочуларынын пикири боюнча, пландалган 863 миң сом – арзыбаган тыйын. Каржылоонун көлөмүн көбөйтүү, ичүүчү суу көп учурда чарбакты жана бактарды сугаруу үчүн колдонулуп келгендиктен буга карата айыл өкмөтү жана башка тийиштүү органдар тарабынан көзөмөлдү күчөтүү, ар бир короого суу насосторун орнотуу, сууну чыгымдоо боюнча чектен ашканы үчүн катаал айыпка тартуу жана башка жазаларды колдонуу зарыл.






Ошондой эле жарандар бюджеттик маалыматты берүүнүн форматын жана каналдарын да талкуулашты. Баткуу-Долоноту айылынын ТСПЭКБ бухгалтери МУКАШОВА О.: “Бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн пландоодо өткөн жыл үчүн салыштырмалуу маалыматтар зарыл. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерге киреше бөлүктү чегерүүнүн пайызын көрсөтүү керек”. Айыл тургуну ЖОЛДОШЕВА А.: “Ар бир жылга карата бюджет долбоорун басылмаларга чыгарып, телевидение жана радиодон чагылдыруу жакшы болмок”.

Аксакалдардын биринин мыкты тыянагы талкууну жыйынтыктады: “Жашоочулар жергиликтүү бюджеттин акчасы кайдан келип, кайда жумшалып жатканын түшүнө баштады. Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери бир тыйынды да коротуудан мурда бул акча элдики болгонун, эл канча бар экенин билээрин жана ал үчүн ким жооп бере турганын унутпашы керек”.

## Коноктордун реакциясы: угуулар сонун, бирок бизде да ушундай бюджет болгондо!

Бостери АА 2015-жылга бюджет долбоору боюнча коомдук угуулар бул чөйрөдө кесипкөй болуп калган, алардын тажрыйбасы тууралуу “Муниципалитет” журналы бир нече жолу жазган Ленин жана Ивановка аймактарынын өкүлдөрүн да тамшан-

дырды. Коноктор иш-чараны уюштуруунун жогорку деңгээлин, калктын активдүүлүгүн жана жамаат тараптан узатылган суроолордун жана берилген сунуштардын сапатын белгилешти.

Ошол эле кезде угуулардын предмети болгон Бостеринин жергиликтүү бюджети коноктордун бир маанилүү эмес реакциясын жаратты. Анткени катышуучулардын көпчүлүгү – Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы пилоттук муниципалитеттердин өкүлдөрү – бир эле учурда дотациялык муниципалитеттердин жашоочулары жана жетекчилери болуп эсептелет. Ошондуктан алар бюджеттин жылдык таңсыктыгы жана жергиликтүү маанидеги маселелерди сапаттуу жана өз маалында чечүүдө каражаттын жетишсиздиги тууралуу көп айтышты. Ал эми калкы 10 миңден бир аз көбүрөөк болгон Бостери АА 2015-жылы 33 миллион сомдон ашык суммага киреше алууну пландап жатат. Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары кырдаалга бир аз ич күптү менен карашаарын моюнга алышты. Анткени Бостеринин жергиликтүү өз алдынча башкаруусунда калктын жашоосун жакшыртууда жана аймактын биринчи кезектеги көйгөйлөрүн чечүүдө чыныгы мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк.

Күндүн экинчи жарымында сапардын катышуучулары жамааттын артыкчылыктуу маселелерин натыйжалуу чечүү чөйрөсүндө бири-бирине жетишкендиктерин көрсөтүштү. Бешик-Жон АА мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин жоктугу өңдүү көйгөйдү чечүүнүн жолдорун көрсөтүп берсе, Тогуз-Торо АА жыйындар залын жана электрондук китепкананы уюштуруу тажрыйбасы менен бөлүштү. Көк-Таш АӨ башчысынын бет ачары кызуу талкуу жаратты. Ал "Казахмысголд" алтын кен компаниясынын мисалында инвестор менен диалогду кантип түзүп, инвестицияларды кантип тартса болоорун айтып берди.

## Кара-Ой АА: коммуналдык сенсация

Тажрыйба алмашуу сапарынын экинчи күнүндө катышуучулар Кара-Ой АА "ТКЧ жана ТКС башкаруу" муниципалдык ишканасынын ишмердигине байланышкан коомдук угуулардын күбөсү болушту. Бул аймакта мындай иш-чара алгачкы жолу өткөрүлгөнүнө карабастан жамааттын чоң кызыгуусун жаратты. Муниципалитеттин өзү чакан болуп, бир гана айылдан турганына карабастан таштандыны аптасына эки





жолу, кээде атүгүл үч жолу чыгарууга туура келет. Бул биринчи кезекте аймактын территориясында көптөгөн жеке пансионаттар жана эс алуу үйлөрү жайгашканына байланыштуу. Айрымдар жай мезгилинде гана эмес, жыл бою да иштешет. Ошондуктан ТКЧ иши тууралуу маселе көпчүлүктүн көңүл чордонунда турат.

"ТКЧ жана ТКС башкаруу" муниципалдык ишкананын директору Марсбек АБДЫКАДЫРОВ 2013-жыл үчүн ишмердиктин натыйжалары жана 2014-жылга карата пландары тууралуу айтып берди; айылдык кеңештин төрага орун басары Курманжан БАДАКШАНОВА таштанды чогултуу жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр менен калктын камтылганы боюнча анализдин жыйынтыктары менен бөлүштү; ал эми айыл өкмөт башчысы Каныбек ТӨЛӨГӨНОВ 2015-жылга карата иш планын тартуулады.

Айыл тургундарын жана коноктorду муниципалдык ишкананын иш сапатына карата канааттануунун деңгээлин билүү максатында коомдук угуулар башталганга чейин өткөрүлгөн сурамжылоонун натыйжалары кызыктырды. Адегенде сурамжылоо борбордук көчөдө өткөрүлгөн. Бул жерде таштанды үзгүлтүксүз чыгарылып турат, калк болсо көрсөтүлгөн кызматтын сапатына канааттанат. Ошону менен катар жашоочулардын бардыгы эле кызмат көрсөтүүнүн сапаты мындан да жакшы болгон күндө деле ал үчүн көбүрөөк акы төлөөгө даяр эмес: сурамжылоого катышкандардын 66% көбүрөөк акы төлөөдөн баш тартышты. Айылдын ички көчөлөрүндө жүргүзүлгөн сурамжылоо тескерисинче көрсөттү: бул жерде канааттанбоо төмөн, ал эми эл көбүрөөк акы төлөөгө даяр. Сурамжылоонун натыйжаларынан улам кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн баяндамачы бир катар чараларды караштырды:

- таштанды жыйноо үчүн контейнерлерди орнотуу,
- бардык короолор менен келишим түзүү,
- карызы барлар токтоосуз бересеседен кутулсун,
- кызмат көрсөтүү үчүн акыны өз убагында төлөө,
- калк үчүн таштанды чыгарууга ыңгайлуу убакытты аныктоо,
- КТК жыйноо жана чыгаруу маселелери боюнча калкка маалымат берүү ишин кеңейтүү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү,
- көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатына мо-



ниторингди жана баалоону үзгүлтүксүз жүргүзүү.

Иш жана сурамжылоонун натыйжалары тууралуу отчеттор кызуу талкууну жаратты. Жашоочулардын алгачкы эле суроосу: эмне үчүн муниципалдык ишкана өзүн өзү каржылабастан, жергиликтүү бюджеттен дотация алат? Буга карата ЖӨБ башчысы толук өзүн өзү каржылоо пландалып жатканын, ошентсе да жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарабынан муниципалдык ишкана үчүн дотация мүмкүнчүлүгү ишкананын уставында каралганын айтты.

Жарандардын колдогу техника таштандынын көлөмүнө алы жетпей жатканы тууралуу даттанууларына 2015-жылы кошумча атайын техниканы – таштанды чыгаруучу унааны алуу пландалганы айтылды.

Бүтүндөй аймакта жайнап кеткен пластик жана желим калдыктар тууралуу талкуу кызуу болду. Бул көйгөй өзгөчө жай мезгилинде курч турат; пластикти кайра иштетүү боюнча мини-заводду ачуу тууралуу сунуштар берилди.

Атайын таратылган бланкка жазылган суроолор жана сунуштар көп түштү. Мисалы:

- беш көчөдө жаңы контейнерлерди орнотуу;
- айлана-тегеректи кирдетүүнүн кооптуулугу тууралуу окуучулар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- таштандыдан тышкары жолдордун ремонту, суу менен камсыздоо, тазалоочу курулмаларды оңдоо менен алектенүү.

## Эпилогдун ордуна: үнду катуу чыгарып талашып-тартышкандын ордуна конструктивдүү талкуу

ЖӨБ башчыларынын, тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучуларынын пикири боюнча, кошуналардын тажрыйбасын өз көзүң менен көрүү мүмкүнчүлүгү өтө баалуу. Өзгөчө жергиликтүү өз алдынча башкаруудан тышкары өтө маанилүү турмуштук көйгөйлөрдүн тегерегинде адамдарды бириктирүү иштери менен маңызы жана формасы боюнча эч ким деле алектенбейт. Калк менен иштегенди билүү – бул чыныгы искусство. Мунун жакшы үлгүсүн Бостери жана Кара-Ой аймактары көрсөтө алышты, коноктор болсо муну сапардын соңунда тастыкташты.

Адылбек АЛЫМОВ, Көк-Таш АА башчысы: “Бостери жана Кара-Ой айылдык аймактарынын тажрыйбасы башка элеттик муниципалитеттер үчүн үлгү боло алат. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору тарабынан берилген жардам өзгөчө – биз саясатчы болгонду, жарандар алдында өзүбүзгө көбүрөөк жоопкерчиликти алганды үйрөнүп жатабыз”.

Өмүрбек ТАМАЕВ, Кара-Жал АА башчысы: “Бостеридеги коомдук угуулар биз үчүн жетүүгө умтула тургандай үлгү. Калктын активдүү катышуусу, жарандардан түшкөн сунуштар, материалды түшүнүктүү түрдө жеткире алганы, залдын жасалгаланышы өзгөчө жакты”.

Иличбек КООКОРОВ, Б.Мамбетов АА башчысы: “Бүгүнкү күндө коомдук максаттар үчүн атүгүл үч адамдын башын бириктирүү да оор. Ошондуктан мага өткөрүлгөн иш-чаранын масштабы өзгөчө таасир калтырды. Ошондой эле башка облустардагы кесиптештеримдин тажрыйбасын үйрөнүү мүмкүнчүлүгү өтө пайдалуу жана өз убагында болду”.

Роза ТОКТОБАЕВА, Бостери АА долбоор координатору: “Угуулардын натыйжалары бизге бир нерсени түшүндүрдү: жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен биргеликте жарандар өз жашоосун жакшыртууда өтө көп нерсеге жете алат. Угуулардан кийин иш-чараны уюштуруунун жана өткөрүүнүн жогорку деңгээли тууралуу көптөгөн оң пикирлер түштү. Адамдар артыкчылыктуу маселелерди кеңешип талкуулай алганын, адекваттуу чечим кабыл алганын тастыкташты. Бул болсо буга чейинки чогулуштардан өтө катуу айырмаланат: ал учурда баары үнүн катуу чыгарып талашып-тартышып, мунаса таба алышчу эмес. Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары менен баарлашуу бизге кесиптештеримдин ийгиликтүү тажрыйбасын үйрөнүүгө жол берди, биз аны өз ишибизде колдонууну ойлонуштуруп жатабыз. Мисалы, Кара-Ой АА коммуналдык маселелер боюнча коомдук угууларды өткөрүү, Көк-Таш АА инвестицияларды тартуу боюнча тажрыйбаларына кызыгып калдык. Улахол АА ЖӨБ органдарынын ишин баалоо боюнча тажрыйбасы өтө кызыктуу көрүнүп турат. Мунун баары өзүбүздүн аймакта ишке ашырганга аракет жасайбыз”. M






# Калкты маалымдоо – ЖӨБдүн маанилүү тапшырмаларынын бири. Бул маселени Тогуз-Торо айыл аймагында кантип чечишти?


**Рахатбек АБДЫКАДЫРОВ,**
Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн башчысы

Тогуз-Торо айылдык аймагы – Кыргыз Республикасындагы жетүүгө оор элеттик муниципалитеттердин бири. Бул жерде кыш октябрда эле башталып калат жана жети айга чейин созула берет. Сары-Кыр ашуусу аркылуу Бишкекке чейинки аралык салыштырмалуу узак деле эмес жана 560 км түзөт. Бирок жолу өтө начар. Буга байланыштуу борборго баруу үчүн унаа жолу аркылуу жылына 4 ай гана өтүүгө мүмкүн. Калган учурда Сары-Кыр ашуусунун жабылышы менен атүгүл облус борборуна чейин эле 1200 км аралыкты басып өтүү керек. Буга байланыштуу эл аралык донордук долбоорлор жана инвесторлор бул айылдык аймак менен гана эмес, жалпысынан Тогуз-Торо району менен да кызматташууга көп деле кызыкдар эмес.

Ошондон улам Өнүктүрүү саясат институтунун ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташтык өзгөчө баалуу. Мындай мүмкүнчүлүк 2012-жылы аймак Долбоордун пилоттук муниципалитеттеринин катарына кошулуп, тийиштүү меморандумга

кол койгондон тарта берилген. Бул кызматташтыктын алкагында жашоочулардын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоо үчүн 22 чогулуш өткөрүлдү, 30 татаал маселе аныкталды, алардын арасынан чукул чечүүнү талап кылган 11 көйгөй тандалып алынды: таза суу, ички жолдор, техника, көчөлөрдү жарыктандыруу, каналдар, мончолор, тегирмендер, спорттук залдар, калктын маалымат менен көп деле камсыз болбогону. Бул көйгөйлөрдү натыйжалуу, калктын пикирин максималдык деңгээлде эсепке алуу менен чечүү ЖӨБ органдары менен жамааттын кызматташтыгы аркылуу гана ишке ашат. Ошондуктан ЖӨБ органдары ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунан көптү үйрөнүштү: калкты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө кантип тартыш керек, жумушчу жана иштиктүү кызматташтыкты кантип түзүш керек. Долбоор сунуштаган форма пайдаланылды – активдүү жашоочулардын ичинен жумушчу топ түзүү. Ошону менен бирге топтун милдетине жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу кирген. Ошентип аймакта “Ден соолук”, “Кайрат”, “Темир” өңдүү демилгелүү топтор пайда болуп, алар айыл өкмөтү менен чогуу биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгышты. Ал планга он бир артыкчылыктуу маселени чечүү боюнча 47ге жакын иш-чара кирди. План 2013-жылдын март айында айылдык кеңештин сессиясында бекитилген. Ошондон бери жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жамааттын биргелешкен аракеттери менен эки артыкчылыктуу көйгөй толугу менен чечилди (дагы 9у калды). Бул үчүн 24 иш-чара же аракеттердин пландалган көлөмүнүн 51 пайызы аткарылды.

Калктын маалыматка көп жакшы ээ болбогону – артыкчылыктуу маселелердин тизмесинде эң акыркысы – көйгөй, бирок мааниси жагынан биринчи орунда турбайт. Жамааттын географиялык жактан обочодо калышы, борбор менен байланыштын на-






чардыгы тыш дүйнөдөн бөлүнүп калгандай сезимди жаратып, калкта маалымат таңсыктыгын пайда кылат. Жарандардын маалыматка жетүүсүнүн татаалдыгы жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан натыйжалуу коммуникацияларды орнотуу боюнча чоң аракеттерди талап кылат. Ушул жол менен гана социалдык туруктуулукту сактап, адамдарда үмүт пайда кылып, аларды жаратууга түртсө болот.

Анткен менен маалымат алмашууну күчөтүү үчүн тийиштүү материалдык жана техникалык шарттар керек, алар болсо айылда көп жылдан бери жок. Атүгүл айыл өкмөтүнө таандык имарат да жок, ал эми коомдук иш-чараларды, чогулуштарды өткөрүү үчүн орто мектептеги класстарды ыңгайсыз маалда колдонууга мажбур болушат. Бул ЖӨБ органдары үчүн да, мектеп үчүн да, жарандардын өздөрү үчүн да өтө оор болчу. Чындыгында эле кыш мезгилинде мектепте сабактар аяктагандан кийин караңгыда жана суукта чогулушка баруу жагымсыз эле. Ушундан улам калк менен баарлашуу үчүн шарт түзүү көйгөйүн жамаат артыкчылыктуу катары тандап алганы таң калычтуу деле эмес. Бул маселени чечүү үчүн айыл өкмөтү жергиликтүү кеңештин жана жарандардын колдоосу менен долбоор иштеп чыкты. ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун гранттык сынагына катышуунун натыйжасында ошол долбоор 1 млн. сом өлчөмүндө каржылык колдоого ээ болду. Бул колдоо Жарандык коомду колдоо боюнча Долбоордун атынан Эл аралык кызматташтык боюнча Германия коому тарабынан берилди. Жергиликтүү бюджет кошумча 100 миң сом өлчөмүндө өз каражатын бөлдү.

Каражат жыйындар залын жана электрондук китепкана түзүүгө багытталды. Натыйжада айылдык кеңештин имараты ремонттолуп, техникалык тейлөө станциясынын ордуна жыйындар жана электрондук жаңы зал ачылды. Ремонтко кеткен чыгым 700 миң сомду түздү. Ошондой эле 300 миң сомго эмерек жана жабдуу сатып алынды: 7 стол, 70 отур-



гуч, китеп текчелери, 2 компьютер, принтер, проектор, YAMAHA музыкалык аппараты ж.б. Жыйындар залында жергиликтүү бюджеттин иши тууралуу маалымат такталары орнотулду. Китепканада расмий маалымат фонду түзүлдү. Окурмандарга электрондук китептер жана мыйзамдардын жыйнагы сунушталды. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун сынагында жеңип чыгуу менен аймак 100 миң сом өлчөмүндө байге утуп алды. Бул акчага сыналгы, DVD, компьютер, принтер, көп функционалдуу принтер, түстүү принтер, видеокамера, ноутбук сатып алынды.

Акыры 2014-жылдын 21-майында электрондук китепкананын ачылышы болду. Бул болсо Тогуз-Торо айылдык аймагы үчүн гана эмес, ошондой эле бүтүндөй бир район үчүн да маанилүү окуя болуп калды. Иш-чарага 100дөн ашык киши катышты – айыл тургундары жана кошуна айылдык аймактардын жашоочулары, коноктор болду. Окуянын мааниси тууралуу расмий адамдар көп жылуу сөздөрүн айтышты. Тилек ИДИРИСОВ, Тогуз-Торо районунун жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысы: “Жыйындар залынын жана электрондук китепкананын ачылышы улуу муундун өкүлдөрүнө да, балдарга да чоң өлчөмдөгү маалыматка жетүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн берет. Кошуна муниципалитеттердин жетекчилери залдын жана китепкананын ачылышына күбө болуу менен, ушул идеяга берилип, өздөрүндө да ушул өңдүү иш-аракеттерди жасаган өтө маанилүү”. Бурганбүбү ИСАМАМБЕТОВА, Тогуз-Торо маданият үйүнүн жетекчиси: “Бүгүн бизде, Тогуз-Торо районунда чоң майрам – жыйындар залынын жана акыркы үлгүдөгү заманбап китепкананын ачылышы! Кыргызстан эгемендик алгандан бери жергиликтүү бийлик тарабынан маданият үйлөрүнө, китепканаларга жетиштүү көңүл бурулбай келген. Ошондуктан бүгүнкү окуя – чоң сыймык! Электрондук китепкананын ачылышы менен жергиликтүү калк мыйзамдар тууралуу кеңири маалыматка ээ болуп, жаңылыктарды угуп, маалымдуулуктун жана билимдин деңгээли жогорулайт. Бул иш жогору жактын көрсөтмөсү менен эмес, жергиликтүү жашоочулардын каалоосу жана катышуусу менен ишке ашканы абдан кубандырат. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЭҮЖӨБОЖ Долбоору сунуштаган демилгелүү топтордун форматы жана жарандардын катышуу модели өзүнүн натыйжалуулугун жана иштеп кете алаарын далилдеди!”.







# Өнүктүрүү саясат институту жана “Кыргызстан айылдык ден соолук комитеттери” ассоциациясы “Элеттик ден соолук комитеттеринин үнү” Долбооруна катышуу үчүн пилоттук элеттик саламаттык комитеттерин (ЭСК) тандап алышты

**Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,**
ЭДКҮЖӨБОСЖ Долбоорунун менеджери

Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) жана “Кыргызстан айылдык ден соолук комитеттери” ассоциациясы (АЭСК) Социалдык жоопкерчилик боюнча глобалдык өнөктөштүктүн (СЖГӨ) (Дүйнөлүк банк) колдоосу менен жүзөгө ашырылып жаткан “Элеттик ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргыз Республикасында элеттик жамааттардын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги” Долбоору (ЭДКҮЖӨБОСЖ Долбоору) ишке киргени тууралуу кубануу менен кабарлайт.

Долбоордун иши 4 жылга созулат жана Кыргыз



Республикасында Элеттик саламаттык комитеттеринин (ЭСК) жана ЭСК Ассоциациясынын даражетин жогорулатууга багытталат. Долбоор ЭСК менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБ) ортосунда элет калкынын саламаттыгынын детерминанттарына байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн бардык мүмкүн болгон ресурстарды мобилдештирүү үчүн диалог түзүүгө жардам берет. Саламаттыктын социалдык детерминанттарына ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк, тазалык, гигиена, коопсуз жашоо ж.б. өңдүү факторлор кирет. Алар ар бир адамга өзүнчө да, жалпысынан жамааттын да ден соолугунун абалына чоң таасирин тийгизет. Саламаттык детерминанттарынын абалын жакшыртуунун эсебинен долбоордон кыйыр пайданы КРнын элет калкы алат.

Аталган долбоордун өзгөчөлүүлүгү – аны ишке ашыруу калктын саламаттыгын сактоого жана бекемдөөгө багытталган секторлор аралык саясатты түзүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болуп бериши мүмкүн. Бул үчүн саламаттык сактоо тармагынын гана эмес, ошондой эле башка дагы тармактардын жана секторлордун катышуусу менен жалпы жамааттын аракети талап кылынат. Узак мөөнөттүү натыйжага жетүү үчүн саламаттык сактоо тармагы түрдүү тармактар жана секторлор менен кызматташыш керек. Ушундай багыт гана калктын ден соолугунун абалын бир топ жакшыртууга жол берет.

2014-жылы жайында долбоор Кыргызстан боюнча 30 пилоттук ЭСКны долбоорду ишке ашыруу үчүн тандап алды. Пилоттор үчүн ЭСК менен ЖӨБ ортосунда өз ара аракеттешүүнү күчөтүүгө багытталган бир катар иш-чараларды өткөрүү пландалууда: тренингдер, консультациялар, техникалык колдоо, айылда саламаттыктын детерминанттары боюнча кырдаалды жакшыртууга багытталган жергиликтүү саясатты иштеп чыгууда жардам, элеттик чогулуштарды жана угууларды өткөрүүдө колдоо көрсөтүү.

## Эмне себептен ЭСК үчүн бул долбоорго катышуу маанилүү?

Бул долбоорго катышуу ЭСКга төмөнкүлөрдү берет: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өнөктөш мамилелерди куруу үчүн зарыл болгон практикалык билимди; жеринде чечим кабыл алууга катышуунун көндүмдөрүн, анын ичинде артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо жана ачык бюджеттик угуулар жолу менен; аныкталган көйгөйлөрдү чечүү боюнча биргелешкен пландоонун техникасын өздөштүрүү; коомдук мониторингдин аспаптары, бул болсо ЭСКга өз муниципалитетинин жашоосуна көбүрөөк катышууга жана жергиликтүү жамааттын көйгөйлөрүн чечүүгө көбүрөөк таасир этүүгө жол ачат. ЭСКны ушул долбоордо каралгандай ЖӨБдүн негиздерине окутуу жана комитеттердин биргелешкен ишмердикке катышуусу ЖӨБ органдарына саламаттыкка таасирин тийгизген турмуш шарттары маселелеринде өз ишин жамаат алдында дагы да айкын жана жооптуу аткарууга жардам берет. Ошондой эле долбоор коммуникациялык көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн пилоттук ЭСКга техникалык жардам катары иш техникасын берет.

## Эмне үчүн ЖӨБ үчүн бул долбоорго катышуу маанилүү?

Өнүктүрүү саясат институту Кыргызстан боюнча ЖӨБ органдарынын даражетин жогорулатуу жаатында чоң тажрыйбага ээ. ӨСИнин артында Кыргызстандын бардык облустарында ЖӨБ кызматкерлеринин жана жергиликтүү кеңештин депутаттарынын кесиптик билимин жогорулатууга багытталган жүздөгөн тренингдер турат. ЖӨБ чөйрөсүндө көптөгөн мыйзамдар ӨСИнин катышуусу менен же түздөн-түз колдоосу алдында кабыл алынган. ӨСИ ЖӨБ чөйрөсүндө өзгөчө жаңычыл көз караштагы билимге ээ жана түрдүү ЖӨБдордон алардын кызматкерлери үчүн тренинг өткөрүп берүү тууралуу сунуштарды алып турат. Бул долбоорго катышуу ЖӨБ органдарына тренингдерге катышуу мүмкүнчүлүгүн гана түзбөстөн, ЖӨБдүн түрдүү тармактарында ӨСИ эксперттеринин консультацияларын алып турууга да көмөктөшөт. ӨСИ эксперттери ЖӨБго ЭСКнын атынан да калкты артыкчылыктуу маселелерди чечүүгө тартуунун усулдарын практикада колдонууга көмөктөшөт. Бул болсо соңунда жеринде муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртууга жана жергиликтүү калктын муктаждыктарын канааттандырууга алып келиш керек. ЖӨБ саламаттыктын детерминанттарына чоң көңүл бурат. Бул болсо элет калкынын ден соолугунун абалына оң таасирин тийгизет.

Долбоор – бул калктын кеңири катмарын ден соолуктун детерминанттарынын маанилүү маселелерине тартуу мүмкүнчүлүгү. Мындан тышкары изилдөөлөрдүн жана анализдердин жыйынтыктары өңдүү долбоордун өнүмдөрү мамлекеттик органдарга жериндеги кырдаалды көрүүгө жардам берип, элет калкынын керектөөлөрүнө ыкчам реакция жасоо мүмкүнчүлүгүн берет. ӨСИ жана ЭСКА атынан долбоордун аткаруучулары анын жүрүшү жана натыйжалары тууралуу тийиштүү мамлекеттик органдарга үзгүлтүксүз маалымат берип турууну пландоодо. Бул болсо саясий чечим кабыл алган өзөктүү адамдарга, анын ичинде КРнын Саламаттык сактоо министрлигине жеринен маалымат берген булак катары кызмат өтөй алат.

# Мамлекеттик кызмат = муниципалдык кызматпы? Ушундай болобу?

**Нурдин КУМУШБЕКОВ,**
ӨСИ ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адиси

**- Жок, ушундай болуш керек! – деп эсептешет “Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзам долбоордун авторлору гана эмес, түрдүү деңгээлдердеги депутаттар да, эксперттик жамааттын өкүлдөрү да. Аткаминерлердин өздөрү да, өзгөчө элет жергесинде иштегендер мамлекеттик кызмат болобу, же муниципалдыкпы, айтор өз Мекенине кызмат өтөө жолун тандап алган кызматкерлердин статусун теңештирүү зарылчылыгы тууралуу маселени көп жолу көтөрүшкөн.**

Ага карабастан ченемдик-укуктук акттын баштапкы вариантын талкуулоо өтө курч жүрүп жатат. Ал эми бул ченемдик-укуктук актты кабыл алмайынча мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун мындан аркы өнүгүүсү мүмкүн эмес. Борбор калаада жана республиканын аймактарында көп жолу уюштурулган бир дагы “тегерек стол” талкуусу талаш-тартышсыз, болочок мыйзамдын тиги же бул бөлүмдөрүн жана беренелерин жакшырткан, же документтин авторлорунун баамында, тескерисинче начарлаткан сунуштарсыз өтө элек.

Мыйзам долбоорунун авторлорунда талкуунун катышуучулары сунуштаган ондогон түзөтүүлөр топтолуп калды. Бул болсо курамына Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын өкүлдөрү, көз карандысыз эксперттер (алардын арасында Өнүктүрүү саясат институтунун адистери да бар) кирген жумушчу топ эл аралык уюмдардын колдоосу менен көптөн бери бийликтин көңүл буруусуна жана чечим кабыл алуусуна зар болуп келген көйгөйлөрдү көтөрүп чыкты.

Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-мартындагы №36 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик кызматты модернизациялоонун Концепциясын ишке ашыруу Планынын алкагында иштелип чыкты. Бул тема өтө маанилүү жана актуалдуу болгондуктан Мамлекеттик кадр кызматы ӨСИ ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жана бир катар донордук уюмдардын (ПРООН, USAID) колдоосу алдында мыйзам долбоорун ачык талкуулады. Ага президенттин, өкмөттүн, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун өкүлдөрү, аппарат кызматкерлери жана жергиликтүү кеңеш менен Жогорку Кеңештин депутаттары катышты. Адамдардын кеңири чөйрөсүнө маалымат жеткирүү үчүн ММК өкүлдөрү да чакырылды. ӨСИ ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында Бишкекте, Караколдо жана Жалал-Абадда бир катар пресс-сессияларды өткөрдү.

Өткөрүлгөн иш-чаралардын жүрүшүндө 100дөн ашык сунуш жана эскертүүлөр түштү, алардын бир бөлүгүн жумушчу топ мыйзам долбоорун кайра иштеп чыгууда эсепке алды. Аны менен Мамлекеттик кадр кызматынын сайтынан таанышсаңыз болот: www.mkk.gov.kg

## Кызмат өтө – жасакерденүү эмес, же абройдун түшүшү

Эч кимге жашыруун сыр деле эмес, аткаминердин иши жагымдуу жана анча эмес деп бөлүнөт. Мисалы, салык же бажы кызматынын катардагы кызматкери, же анын Маданият жана маалымат министрлигиндеги кесиптеши, же жаштар иши боюнча ведомствонун кызматчысы – бул айлыктары бирдей деп каралганына карабастан түрдүү “сал-



мак категориясындагы" кесиптер. Муниципалдык кызматчылар деп атап койгондорду айтпай эле коелу. Аткаминерлердин бул отряды престиждүүлүк иерархиясында андан да төмөн тепкичте турат.

Бул акыйкат көрүнүшпү? Бул суроо көптөн бери эле берилип келет, бирок жылдар бою кырдаал эч эле өзгөргөн жок. Атүгүл аймактарда жыл өткөн сайын кадрларга болгон таңсыктык курчуп баратат.

Эгерде борбордо аткаминерлердин армиясы өссө, муниципалитеттерде, тескерисинче, акылдуу, сабаттуу, келечеги кең кызматкерлер көпкө турбайт. Эмне үчүн? Иштин көлөмү өтө чоң болгонуна карабастан материалдык жана кесиптик мотивациянын деңгээли өтө төмөн. Мунун кесепети кандай болот? Бул "жогору жакта" иштелип чыккан эң акылдуу жана эң заманбап программаларды да жамааттардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде эч ким ишке ашыра албай калуусуна алып барат.

Эксперттердин пикири боюнча, "жогору жактагы" мамлекеттик аткаминерлердин штатын кыскартуу менен гана жеринде мамлекеттик программалардын ишке ашырылбай жаткан маселени чечүү мүмкүн эмес. Анткени ал кадрлар "төмөн жакка" ишке барат, ал эми ордунда калгандар жакшыраак иштей баштайт деген кепилдик жок. Жеринде (өзгөчө шаарга салыштырмалуу айылдарда) башкаруучу бирдиктин ашыкча болгону менен, башкарууда көз көрүнөө таңсыктык байкалат. Натыйжада бул аймактагы калктын турмуш сапатынын төмөн болушуна алып келүүдө.

Муниципалдык аткаминерлердин аброюн көтөрүү максатынан тышкары мыйзам долбоорун иштеп чыгууга киришүүгө башка да себептер түрткү болду. Бул – мамлекеттик кызматтын жабыктыгы, мындан улам коомдо "эл өкүлдөрү" тууралуу терс маанайдагы ар кандай пикирлер пайда болууда. Көпчүлүк жарандарыбыздын аңсезиминде иштин бул түрү адамдар жеке кызыкчылыктарын гана көздөп барган "коррупциянын уюгу" деген түшүнүк сиңип калды. Ошондуктан министрликке, же мамлекеттик агенттикке, өкмөт аппаратына тааныш-билиш аркылуу, же пара берип гана орношуу мүмкүн. Жогоруда айтылгандардын көпчүлүгү чындыкка жатпайт деп айтуу калп болуп калмак. Тилекке каршы "майлуу орунга" кадр тандоодо коррупциялык көрүнүштөр дайыма болуп келген.



## Аткаминер уктап жатат, кызмат өтөлүп жатабы?

Түптөлүп калган тартиптерди өзгөртүүгө дагы бир себеп – кызматчылардын жүрүм-туруму. Алардын жабыктыгы, калктын өтө маанилүү көйгөйлөрүнөн алыс болгону жана башка терс мүнөздөмөлөр жарандар арасында наразылыкты жаратып келет. Негизи эле адатта алар көрсөткөн кызматтардын сапаты да аткаминерлерди "баккан" салык төлөөчүлөрдүн талаптарына жооп бербейт.

Эртеби, кечпи, айтор бул чөйрөдө топтолуп калган көйгөйлөр мамлекеттик башкарууну реформалоого бут тосмок. Буга кошумча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштешине саясий таасирдин өсүшүн, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды шыктандыруу дээрлик жок болгонун, алар тараптан чыныгы жоопкерчиликтин жоктугун да эсептен чыгарбаш керек.

Чогулуп келип бул терс көрүнүштөрдүн баары муниципалдык кызматтын обочодо калуусуна жана кризистин тереңдешине, мамлекеттик жана муниципалдык кызматка өтүүдө жана аны өтөөдө коррупциялык тобокелчиликтердин пайда болуусуна дагы да көмөктөштү.

Жаңы мыйзам долбоору мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кадрларды тандоо системасын өркүндөтүү, аткаминерлерди материалдык жана материалдык эмес жактан шыктандыруу механизмин жакшыртуу максатын көздөйт. Бул болсо алар өз милдеттенмелерин мындан да жакшы жана натыйжалуу аткара башташына алып келет. Ал эми бул болсо өз кезегинде мамлекеттик жана муниципалдык башкарууга жана мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калкка көрсөткөн кызматтардын сапатына оң таасирин тийгизиши керек.

Албетте талкуулар маалында мыйзам долбоорун иштеп чыккандардын дарегине көптөгөн суроолор түшүп жатты. Эң көп берилген суроо: колдонуудагы документти өркүндөтүүнүн ордуна жаңы документти иштеп чыгуунун канчалык зарылчылыгы бар эле? "Баары "Мамлекеттик кызмат жөнүндө" Мыйзамды катуу карманып, аны аткарса, жаңы мыйзамга да зарылчылык туулмак эмес", - деп айтышты жаңы ченемдик-укуктук акттын авторлорунун айрым бир оппоненттери.

Бирок баары ушундай эле бир маанилүү деп айтсак болобу? ӨСИнин гана эмес, башка уюмдардын да адистеринин көз карашынан алганда колдонуудагы мыйзамдарда мамлекеттик жана муниципалдык кызматка өтүү жана аны өтөө жол-

жобосунда тартипке салуу жана бир түрдүүлүк жок. Саясий ыйгарым укуктардын көлөмүнө карап эмес, дайындоо же шайлоо принциби боюнча ишке ашкан көп сандагы саясий кызматтар бар. Бул болсо мамлекеттик кызматтын профессионализациялоо жараянын татаалдаштырып, патронаттык кызмат орундарына байланыштуу көйгөйлөр пайда болууда. Анын үстүнө мамлекеттик жана муниципалдык кызматты башкаруу системасы жана колдонуудагы жол-жоболор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы келечеги бар кадрлардын "кызматтык тепкич" боюнча мамлекеттик органдарга, же тескерисинче көтөрүлүшүнө жолтоо болууда.

Жаңы мыйзам канчалык зарыл эле дегенге дагы бир жүйө – колдонуудагы мыйзамдарда мотивация системасы мамлекеттик жана муниципалдык кызматты өтөөнүн жол-жоболоруна байланышкан эмес, эмгек акы системасы иштин натыйжаларына жетүүгө таасирин тийгизбейт, мансапты пландоо түшүнүгү жок, билим алууга кызыкдар кызматчыларды шыктандырган система жок, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды баалоонун натыйжалары мансаптын өсүшүнө жана маянага таасирин тийгизбейт. Соңунда ротация механизми регламенттештирилген эмес.

Көптөгөн алдыңкы өлкөлөрдө мына ушул учурлардын баары эсепке алынган жана мыйзамдык базада көрсөтүлгөн. Кыргызстан болсо эми гана бул татаал, тар жолду баштады.

## Эмне өзгөрүш керек?

Эгерде мыйзам чыгаруу демилгеси документти талкуулоо менен гана эмес, принципиалдык эскертүүлөрдү жана сунуштарды эсепке алуу менен кабыл алынса, анда келечекте мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугу жогорулайт деп күтсө болот. Албетте мамлекеттик кызматчылардын жана алардын муниципалитеттердеги кесиптештеринин да макамы жогорулайт. Бул болсо алардын кесиптик деңгээлине да таасирин тийгизет.

Кызматка дайындоо системасынын ачык-айкындуулугу сөзсүз жогорулайт, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларда сабаттуу, чынчыл болууга чыныгы мотивация пайда болот. Өз мансабы жана жалпы жамааттын жакшы турмушу үчүн натыйжалуу иштесе, экөө бири бирине тоскоол болмок эмес.

Мыйзам долбоорунун негизги жоболоруна дагы бир жолу көз жүгүртсөк буларды көрөбүз:

- мамлекеттик кызматтын бирдиктүүлүгү бекитилет, ошондой эле "мамлекеттик кызмат" деген жаңы түшүнүк киргизилет;
- мамлекеттик жарандык кызматтын да, муниципалдык кызматтын да макамы жогорулайт;
- саясий жана административдик кызмат орундарга киргизүү критерийлери аныкталды (саясий-аныктоочу чечимдер боюнча ыйгарым укуктардын болгон белгиси боюнча);



- муницпалдык кызмат кесиптик кызмат системасына негизги болуп жалмашат: мамлекеттик кызмат статусуна теңештирүү, мансаптын өсүшүнө бирдиктүү мамиле, эмгек акынын кызматчынын ишин баалоонун бирдиктүү системасы, ротациялоо мүмкүнчүлүгү, кадрлар резервине кошуу, кадрларды окутуунун бирдиктүү системасы;
- статс-катчынын ишмердигиндеги артыкчылыктардын бири мамлекеттик органдын стратегиясын түзүү жана ишке ашыруу үчүн жоопкерчилик болуп калат;
- кызматчыны окутуу, баалоо, эмгегинин иш жүзүндөгү натыйжалары менен мансабынын жогорулашы, материалдык жана материалдык эмес мотивациясы ортосунда өз ара байланыш түзүлөт;
- мансапты пландоо түшүнүгү киргизилет;
- окутуу мансаптын жогорулашынын милдеттүү шарты болуп калат;
- ишмердикти баалоо, кызматчынын материалдык жана материалдык мотивациясы тууралуу ченемдер бекитилет.

Жаңы мыйзам долбоорунун мазмуну ротация, же статс-катчынын ролу болобу, айтор аны главалар жана бөлүмдөр боюнча дагы да дыкат жана көңүл коюп чечмелеп чыгууга татыйт. Ошондуктан биз дагы да деталдуу анализ жүргүзүү үчүн сөзсүз бул темага кайрылабыз. Кириш сөз деп эсептесе боло турган бул макалада сизди, урматтуу "Муниципалитет" журналынын окурманы, талкууланган маселелердин чөйрөсүнө жана аны пайда болгон себептерине жана албетте чечим издөөгө тарттык. Анткени мамлекеттик жана муниципалдык кызмат – бул биздин жашообуздун ажыратылгыс бөлүгү. Ошондуктан биздин милдет – аны мыкты кылуу. М

# Жарандардын суу ресурстарын башкарууда чечим кабыл алуу процессине катышуусу

**Лидия БУДИСА,**
башкаруу жана тынчтыкты куруу боюнча координатор,
ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн Кыргызстан

**“Мурда жалпысынан процесс тууралуу эч качан ойлонгон эмеспиз. Бизди өз маселелерибиз жана өз муктаждыктарыбыз үчүн жетиштүү өлчөмдө суу алуу гана кызыктырган. Эми анализ жүргүзгөндөн кийин кантип бул маселелер дагы да кеңири сүрөткө кошуларын түшүнүүгө жөндөмдүүбүз”**

(аял, СПА мүчөсү).

**“Бул процесс демократиянын натыйжасы болуп эсептелет. Эгерде демократия болбогондо биз бул жерде урушуп отурмак эмеспиз”**

(эркек, СПА мүчөсү).

**“Эгерде дыйкандар мага келсе, мен кийлигишем”**

(айылдык кеңештин депутаты).



**2014-жылдын 19-20-март күндөрү ХЕЛЬВЕТАС ишке ашырган СЭП долбоору Ноокат районундагы Тоолос айылында “Суу ресурстарын башкарууда өзүнө баа берүү” аспабын колдоно баштады.**

**Жергиликтүү жамааттын 50дөн ашык мүчөсү (аялдар жана эркектер) жана жергиликтүү кызыкдар жактар эки күндүк жыйынга чогулду. Алар жеринде суу ресурстарын башкаруунун механизмдерин жана практикасын баалоонун жардамы менен катышуунун жана айкындуулуктун негизинде башкаруунун стандарттарын баалашты.**

Өзүнө баа берүүнүн алгачкы тыянактары тынчсызданууну жараткан бир катар маселелерди көрсөтүп турат. Алар: сууну жеткирүүгө инклюзивдик жана акыйкат мамиле, бюджетти иштеп чыгууда жана аткарууда айкындуулук, суу ресурстарын башкарган аткаруу органдарынын компетенциясы, кызыкдар жактардын өз ара кызматташтыгы, өз укуктары жана милдеттенмелери тууралуу маалымдуулук, эки тараптуу байланыш жана жаңжалдарды чечүүнүн механизмдери.

Алдыга коюлган тапшырмаларды аткаруу үчүн үстүбүздөгү жылы ишмердикти аныктаган жергиликтүү суу ресурстарын башкарууну жакшыртуу боюнча кызматташтыктын негизинде план иштелип чыкты.

Жакшыртуу боюнча план аны ишке ашырууга тиешеси бар жергиликтүү кызыкдар жактарга тиешелүү, мониторингди ошолор жүргүзөт. Пландалган прогрессти Суу пайдалануучулар ассоциациясы жалпы жыйында жана жамаатта өткөрүлө турган өзүнө баа берүү боюнча кийинки жылдык жыйында баалайт.

Башка өлкөлөрдөгүдөй эле Кыргызстанда да сууну башкаруу боюнча чечимдер “суу секторунда” гана эмес, ошону менен бирге башка жергиликтүү бийликтерди, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана салттуу бийликти тартуу менен кабыл алынат.

Ишке ашырууда өзүнүн экинчи фазасы үчүн “Суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу” (СЭП катары белгилүү) Долбоору дыйкандар арасында сууну акыйкат жана ишенимдүү бөлүштүрүүнү кийлигишүүнүн үч чөйрөсүнүн бири катары (сууну дагы да натыйжалуу пайдалануу аркылуу сууга болгон талапты кыскартуу менен катар суу үчүн чыккан жаңдалдарды биргелешип тынч чечүү) аныктап койду. Долбоор көңүлүн үлүшсүз калган үй чарбачылыктары, өзгөчө “куйруктагы пайдалануучулар” жана аялдар башында турган үй чарбачылыктары башынан өткөрүп жаткан суу таңсыктыгына бурууну чечти. Сууну башкаруу маселелерине жана дагы да кеңири планда ак ниеттүү жергиликтүү башкарууга жогорку деңгээлде көңүл буруу бул өзгөрүүнүн натыйжасы болуп эсептелет.

СПАны (Суу пайдалануучулар ассоциациялары) жана сугат сууну башкаруу функцияларын бийликтин башка жергиликтүү институттарынан жана функцияларынан юридикалык (де-юре) бөлүштүрүү жергиликтүү калк үчүн мааниге ээ эмес. Сууга байланыштуу маселе пайда болгон учурда калк бийликтин жергиликтүү институттарына кайрыла берет. Сууну бөлүштүрүү тууралуу чечим кабыл алуу боюнча бийликке (расмий да, бейформал да) карата карама-каршылыктуу дооматтардын татаал чиеленүүсүн түшүнүү үчүн СЭП сууну башкарууда өзүнө баа берүү боюнча жөнөкөй аспапты иштеп чыкты.

Аспап төмөнкүдөй кадамдарды камтыйт:

- Кызыкдар жактардын анализин: сууну акыйкат жана ишенимдүү бөлүштүрүүгө карата суу ресурстарын башкаруунун негизги субъекттерин жана алардын ролун (кызыгуусун жана таасирин) аныктоо.
- Өзөктүү маселелерге ылайык суу ресурстарын башкарууну баалоо.
- Суу менен камсыздоону жакшыртуу үчүн артыкчылыктарды аныктоо.
- Аракеттер планын иштеп чыгуу (башкарууну жакшыртуу боюнча план (мониторинг механизмин кошкондо).

Өзүнө баа берүү Ош шаарында аспаптарды иштеп чыгуу боюнча эки күндүк семинардан кийин өткөрүлдү. Анда тийиштүү кызыкдар жактар (СПА директору, ирригация боюнча адистер, АӨ өкүлдөрү, СПА колдоо боюнча райондук бөлүм) суу ресурстарын башкарууда жана өзүн баалоодо пайда болгон секторлорду жана маселелерди аныктоодо учурдагы кырдаалга өзүнүн зор салымын кошту.

СЭП Долбоору дыйкандар менен Суу пайдалануучулар ассоциациялары, ошондой эле кошуналаш Суу пайдалануучулар ассоциациясы менен, Суу пайдалануучулар ассоциациясы менен мамлекеттик мекемелер ортосундагы байланышты жана кызматташтыкты түзүүгө көмөктөшүүнүн жардамы менен жергиликтүү пландарды ишке ашырууга жардам берет. Долбоор алардын ортосундагы жумушчу мамилелерди жакшыртуу максатында натыйжалуу башкаруунун принциптерин колдоо менен, бардык деңгээлдерде түрдүү кызыкдар жактар ортосундагы байланышты бекемдөөгө багытталган.

Долбоор жергиликтүү субъекттердин азыркы ишинде кошумча баалуулуктарды түзүүгө багытталган. Бул болсо керектөөлөргө негизделген адаптацияланган кызмат көрсөтүүлөрдү өз кардарларына берүү планында алардын дараметин бекемдөө жолу менен ишке ашат.

**Кошумча маалымат алуу үчүн коомчулук менен байланыш боюнча адис Венера Изабековага кайрылыңыз:**

**электрондук дарек:**
**venera.izabekova@helvetas.org**
**Телефон +996 312 21 45/72/73/74/75.**
**Факс +996 312 214578.**

# Мыйзам жаңылыктары

## Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тууралуу типтүү келишим жөнүндө

**КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №145 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө" Токтому**

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө Типтүү келишим бекитилди. Министрликтерге, административдик ведомстволорго жана башка мамлекеттик органдарга жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары тарабынан мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырууга суроо-талап келип түшкөн жана алардын аткарылышы реалдуу болгон учурда айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды (мыйзам боюнча берүү зарыл болгондордон тышкары) ушул Типтүү келишимдин негизинде иштелип чыккан келишимге ылайык берүү тапшырылды. КР Каржы министрлигине кызыкдар мамлекеттик органдар менен бирдикте үч айлык мөөнөттө мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү менен байланышкан чыгымдардын эсептөөлөрүнө талдоо жүргүзүү жана берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин (субвенциялардын) көлөмдөрүн эсептөө методикасынын долбоорун иштеп чыгуу жана КР Өкмөтүнүн кароосуна киргизүү тапшырылды.

## Жерлерди которуу жөнүндө

**КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө Убактылуу жобону бекитүү тууралуу" Токтому**

Бекитилген убактылуу жобого ылайык, жер участокторун которуу (трансформациялоо) ыйгарым укуктуу орган тарабынан, анын компетенциясынын чегинде, жер мыйзамдары менен белгиленген тартипте, жердин негизги максаттуу багыты өзгөргөн учурда жүргүзүлөт. Жер участокторун которуу (трансформациялоо) боюнча иштерди жүргүзүү үчүн негиз болуп жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө жер участоктун жайгашкан жери боюнча райондун мамлекеттик администрациясына берилүүчү жеке жана юридикалык жактардын арызы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын өтүнүчү саналат. Жеке турак жай куруу үчүн жерлерди которуу боюнча демилгечи катары белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы чыгат.

Пайдалуу кен чыккан жерлердин мамлекеттик резервинин жерлери категориясына которуу (трансформациялоо) үчүн демилгечи катары жер казынасы жөнүндө мыйзамдар менен белгиленген тартипте жер казынасын пайдалануу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган чыгат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же жергиликтүү мамлекеттик администрация жер участокторун пайдалануучулардын макулдугусуз (жер участокторун алып койбостон) мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган жер участокторун бир категориядан башкасына которуу жөнүндө маселени төмөнкү учурларда демилге кылат:

- өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүүдө;
- калктуу конуштардын чек араларын белгилөөдө же өзгөртүүдө.

## Жергиликтүү маанидеги маселелердин (жер казынасын пайдалануу) тизмегин кеңейтүү жөнүндө

**2014-жылдын 15-майындагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы**

Аймакта жашоону камсыздаган системаларынын ишин жана өнүгүүсүн уюштуруу, социалдык-экономикалык пландоо жана калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укук берилген. Мындай маселелердин тизмеги жер казынасын пайдалануу жөнүндө КР мыйзамдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына берилген жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу өңдүү пункт менен толукталган.

## Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө

**2014-жылдын 17-июлундагы №139 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" КР Мыйзамы. КР өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы № 302 Токтому**

Кабыл алынган Мыйзам мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги принциптерин белгилейт, бул чөйрөдөгү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдө аткаруучулар менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы укуктук мамилелерди жөнгө салат, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрин, аларды көрсөтүүнүн стандарттарын түзүүнүн тартибин аныктайт. Ушул Мыйзамдын колдонулушу мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар тарабынан кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнө жана мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер тарабынан бири-бирине кызмат көрсөтүүсүнө жайылтылбайт. Аталган кызмат көрсөтүүлөр жарандык мыйзамдарга ылайык келишимдин негизинде көрсөтүлөт. Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тарта алты айлык мөөнөт аяктаганга чейин күчүнө кирет.

КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы Муниципалдык кызматтарды көрсөтүү системасын оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө №302 Токтому менен Муниципалдык кызматтардын реестрин түзүүнүн тартиби жөнүндө Жобо бекитилген

Жобо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү коомчулуктарга, жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүүчү муниципалдык кызматтардын реестрин түзүү тартибинин жана аларды стандартташтыруунун негизги тартиптерин белгилейт. Жободо муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча реестрине аныктама берилген. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестри Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен, ал эми кошумча реестр жергиликтүү кеңештин токтому менен бекитилет.

## Башкы планга жеткиликтүүлүк жөнүндө

**2014-жылдын 7-июлундагы №115 "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу" Мыйзамы**

Киргизилген толуктоолорго ылайык, калктуу конуштардын бекитилген Башкы пландары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий сайттарында жана алардын кызматтык имараттарындагы жалпыга жеткиликтүү жерлерде, топографиялык негиздерин жана алардын координаттарын чагылдыруусуз, калктуу конуштарды куруунун схемалары түрүндө жайгаштырылууга тийиш.

## Муниципалдык лидерлердин статусу жөнүндө

**2014-жылдын 17-июлундагы №138 Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө КР Мыйзамы**

1) "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр мэрдин жана айыл өкмөт башчынын талапкерлигине карата талаптарга тиешелүү. Мындан ары мыйзамдарда белгиленген тартипте алып салынбаган же жоюлбаган соттуулугу бар Кыргыз Республикасынын жараны шаар мэри жана айыл өкмөт башчысы боло албайт.

2) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" депутаттын жергиликтүү кеңештеги иш убактысын тактоого тиешелүү, мындан ары ал муниципалдык кызматтын стажы катары эсептелет.

3) "Муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына муниципалдык кызматтагы шайлануучу кызматка талапкерлигин көрсөткөндөргө 10-берененин 4-бөлүгүндө мамлекеттик бийликке каршы кылмыш жасаган үчүн соттуулугу алынса, же жоюлса, муниципалдык кызматка туруу укугун чектеген бөлүк жайылтылбай турганы тууралуу өзгөртүүлөр киргизилди.

Ошондой эле негизги муниципалдык кызматка талапкер болгон жарандар үчүн мамлекеттик же муниципалдык кызматтын стажына карата үч жылдан кем эмес же жыйындысында үч жылдан кем эмес мөөнөт муниципалдык же мамлекеттик кызматта стажы болушу керек, ал эми улук муниципалдык кызматтарга эки жылдан кем эмес, же жыйындысында үч жылдан кем эмес мөөнөт муниципалдык же мамлекеттик кызматта стажы болуш керек.

## "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына сынак жөнүндө

**КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июлундагы № 248-р Буйругу ("Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынакты өткөрүүнүн натыйжалары жөнүндө)**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине дем берүү максатында мамлекеттик сынактык комиссиянын чечими менен "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынактын жеңүүчүлөрү аныкталды жана төмөнкүдөй орундар берилди: - I орун – байге фонду 3 000 000 сом – Баткен облусунун Кадамжай районундагы Ак-Турпак айыл өкмөтү; - II орун – байге фонду 2 000 000 сом – Ош облусунун Кара-Суу районундагы Мадын айыл өкмөтү; - III орун – байге фонду 1 000 000 сом – Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Күн-Чыгыш айыл өкмөтү.

# ЖӨБ органдарынын суроолоруна прокуратуранын кызматкерлери жооп берет

**Бектур ОРОЗБАЕВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун укук маселелери боюнча адиси

**2014-жылдын жай мезгилинде Өнүктүрүү саясат институту ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын колдоосу жана активдүү көмөгү алдында Жалал-Абад облусундагы райондордун ар биринде ЖӨБ органдарынын жетекчилери жана кызматкерлери үчүн маалыматтык семинарларды өткөргөн. Бул семинарлардын башкы максаты бүгүнкү күндө прокурорлор менен ЖӨБ органдары кабылган "бирөө кармайт, экинчилери качып кутулат" деген тирешүү кырдаалынан чыгуу болуп калды. Эки тарап тең жалпы максатка жетүүгө – мыйзамдардын бузулушун болтурбоого кызыкдар. Бул үчүн алдын алуу ишин күчөтүп, ЖӨБ органдарына өзгөчө билбей калып мыйзам бузууга барбашына жардам берүү керек. Бул диалог кантип түзүлгөнү тууралуу "Муниципалитет" журналынын кийинки санында айтып беребиз. Ал эми азырынча болсо окурмандардын көңүлүнө семинар учурунда жаңырган ЖӨБдүн өкүлдөрүнүн көптөгөн суроолоруна прокуратура менен ӨСИ кызматкерлеринин жоопторун сунуштайбыз.**

## Кызматтык машина тууралуу

**СУРОО. Адатта кышында жана жазында айылдарда өзгөчө кырдаалдар түзүлөт, ошону менен бирге табият дем алыш жана майрам күндөрүн таанбайт эмеспи. Айыл өкмөт башчысына авариялык участокторго кызматтык транспорт менен жетүүгө туура келет. Бирок прокуратуранын кызматкерлери тарабынан кызматтык машинаны жумуш убактысы аяктаган маалда колдонууга болбой тургандыгы жөнүндө эскертүү берилди. Айыл өкмөт башчысы кызматтык машинаны, мисалы, өзгөчө кырдаал түзүлгөн учурда колдонууга укугу барбы?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Чындыгында, мындай эскертүү кызматтык транспортту жеке максаты үчүн пайдаланган бардык айыл өкмөт башчыларына берилген. Анткен менен эгерде чындап өзгөчө кырдаал түзүлсө, сиз кызматтык транспортту колдонууга укугуңуз бар. Бирок, ошону менен бирге сизде сөзсүз түрдө тийиштүү деңгээлде таризделген жол баракчасы болуш керек. Анда дем алыш күнү кызматтык транспорт менен кайсы жакка, эмне үчүн жана кайсы маалда баратканыңыз көрсөтүлөт. Бул документсиз кызматтык транспортту дем алыш күнү пайдалануу мыйзамсыз болуп эсептелет.

## Жарандардын арыздарына жооптор тууралуу

**СУРОО. Кайсы убакыт аралыгында биз жарандардын арызын карап чыгууга милдеттүүбүз жана канча убакытка аны кароону узарта алабыз? Эгерде жарандын арызы биздин компетенциябызга кирбесе, канча убакыттын ичинде биз аны башка органдарга жибере алабыз же өзүбүз карап чыгышыбыз керек?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. "Жарандардын кайрылуусун кароо тартиби жөнүндө" КР Мыйзамына киргизилген акыркы өзгөртүүлөргө ылайык (8-бер.), жарандар ЖӨБ органдарына жазуу жана электрондук жүзүндө кайрылууга укуктуу. Жазуу жүзүндөгү жана электрондук варианттагы жарандардын кайрылуусу келип түшкөн учурдан тартып бир күндүн ичинде милдеттүү түрдө катталууга тийиш. Жазуу жүзүндөгү кайрылууда коюлган маселелерди чечүү бир нече мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же кызмат адамдарынын компетенциясына тиешелүү болгон учурда кайрылуунун көчүрмөсү катталган күндөн тартып беш күндүн ичинде тийиштүү органдарга жөнөтүлөт.

Жарандардын кайрылуусун карoo мөөнөттөрү кыскарды. Эгерде мурда жооп берүү үчүн 30 күн берилип келсе, азыр болсо сиз кайрылууну каттоодон өткөн күндөн тарта 14 күндүн ичинде кароого жана арыз берүүчүгө анын кайрылуусун кароонун натыйжалары тууралуу тийиштүү жооп берүүгө милдеттүүсүз. Жарандын кайрылуусун чечүү үчүн атайын текшерүүлөрдү (экспертизаларды) жүргүзүү, кошумча материалдарды суратып алуу же болбосо башка чараларды көрүү зарыл болгон учурларда даттанууларды чечүү мөөнөттөрү демейдегиден башкача тартипте узартылышы мүмкүн, бирок ал 30 күндөн ашпайт. Кайрылууну кароону узартуу тууралуу чечимди ЖӨБ органынын жетекчиси кабыл алат.

## Мөөнөттөн ашыкча жумушту төлөө тууралуу

**СУРОО. Учурдагы кадр таңсыктыгынан улам айыл өкмөтүнүн персоналы көп учурда мөөнөттөн ашыкча, ишемби жана жекшемби күндөрү иштөөгө туура келет. Дем алыш күндөрдөгү иш кошумча төлөнүш керекпи?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. КР Эмгек кодексинин 90, 100, 101, 114 жана 115-беренелерине ылайык, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери үчүн жумушчу убакыттын режими эки дем алыш күнү менен беш күндүк иш аптасы эсептелет. Жалпы жонунан жумушчу убакыттын узактыгы аптасына 40 сааттан, б.а. күнүнө 8 сааттан ашпаш керек. Эрежеге ылайык, дем алыш жана иштебей турган майрам күндөрү иштөөгө тыюу салынат. Кызматкерлерди дем алыш жана иштебей турган майрам күндөрү ишке тартуу иш берүүчүнүн жазуу жүзүндөгү тапшырмасы, б.а., айыл өкмөт башчысынын буйругу боюнча ишке ашырылат. Дем алыш жана иштебей турган майрам күндөрү иштегени төмөнкү таризде тараптардын макулдашуусу боюнча толукталыш керек:

- кызматкерге башка күнү эс алуу берүү же
- эмгек өргүүсүнө кошумча күндү кошуп берүү, же болбосо
- кош көлөмдөн кем эмес болгон акчалай түрүндө.

## Айыл башчысын тестирлөө тууралуу

**СУРОО. Айыл башчысы Мамлекеттик кадр кызматында тестирлөөдөн өтүш керекпи? Бизде мындай болуп калат: тестирлөөдөн өтө алчулар чогулуштарда калктын колдоосуна ээ болбойт; ал эми чогулуштарда жергиликтүү жашоочулардын колдоосуна ээ болгондор тесттен өтө албай калат. Айыл башчысын тестирлөөдөн өтүү милдеттенмесинен бошотсо болобу?**

ЭУЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН КЫЗМАТКЕРИНИН ЖООБУ. Мыйзамдарда бардык муниципалдык кызматчыларды, анын ичинде муниципалдык кызматчы болуп эсептелген айыл башчысын да аларды ишке алганга чейин тестирлөөдөн өтүүгө милдеттендирген ченем бар. Бирок сиз айткан маселе көптөгөн айыл өкмөттөрүндө чындап эле бар. Айрым муниципалитеттерде атүгүл айыл башчысы кызмат ордуна дайындалганга чейин тестирлөөдөн өтүшү керектигин да билишпейт. Анткен менен сизге маалымат берейин, бул көйгөй Мамлекеттик кадр кызматынын (МКК) жетекчилигине белгилүү. ӨСИ эксперттеринин катышуусунда МКК "Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамдын жаңы долбоору иштелип чыкты. Анда айыл башысы тестирлөөдөн бошотулган. Жаңы мыйзам долбоору айыл башчысы кызматына талапкерлерди тестирлөөдөн өтүүгө милдеттендирбейт, аны кызматка дайындоодо жергиликтүү жашоочулардын макулдугу эле жетиштүү болот. Жаңы мыйзамдын кабыл алынышын күтө туралы.

## Текшерүүлөр тууралуу

**СУРОО. Жарандар кайсы бир себептер менен айыл өкмөттүн ишине байланыштуу тийиштүү мамлекеттик органдарга даттанып кайрылса, ошол органдар текшерүүнү жүргүзө алат. Ошону менен бирге текшерүү адатта ЖӨБдүн бардык ишине карата жүргүзүлүп келет. Ишмердиктин баарын текшерүү канчалык мыйзамдуу же мамлекеттик органдар даттануучунун наарazылыгын пайда кылган маселелер менен гана чектелиш керекпи?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Биринчи кезекте текшерүүчүлөр сизди арыз берүүчүнүн жүйөлөрү менен тааныштырып чыгып, арыз берүүчүнүн жүйөлөрү боюнча фактtarды текшерип, мыйзамдардын бузулуп-бузулбаганын текшерет. Текшерүүчү органдар арыз берүүчүнүн жүйөлөрүнүн алкагынан чыгууга укуксуз. Бирок эгерде арыз берүүчүнүн жүйөлөрүн текшерүү үчүн ЖӨБ органдарынын ишининин арыз берүүчүнүн мазмунуна түздөн-түз тиешелүү бөлүгүн гана текшерүүгө укуктуу.

**СУРОО. Прокуратуранын кызматкерлери айыл өкмөттүн ишин текшерүүнү канчалык тездик менен жүзөгө ашырыш керек?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Прокуратура Башкы прокуратура бекиткен пландын негизинде пландык текшерүүнү жүзөгө ашырат. Ал планда пландык текшерүү жүргүзүлүш керек болгон багыттар көрсөтүлөт. Мындан тышкары бизге жарандар арыз менен кайрыла алат. Буга биз реакция жасоого милдеттүүбүз жана зарыл болгон учурда ЖӨБ органдарынын ишмердигин арызда көрсөтүлгөн себептер боюнча текшерүүгө укуктуубуз.

**СУРОО. Пландык текшерүүнү жүзөгө ашырууда прокуратуранын органдары айылдык**

**кеңештин ишмердигин текшере алабы, же айыл өкмөтүнүн иши гана текшерүүгө жатабы?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Айылдык кеңеш ченемдик-укуктук акттарды кабыл алып, аткаруучу орган (айыл өкмөтү) ишке ашырган тиги же бул тапшырманы чечүүдө саясатты аныктагандыктан айылдык кеңештин да, анын аткаруучу органынын да ишмердиги текшерүүгө жатат. Текшерүүдө адатта айылдык кеңеш токтомду мыйзамсыз чыгарган фактылар кездешет. Мисалы, көптөгөн айылдык кеңештер өз токтому менен административдик айыптарды салат. Бул – мыйзамсыз. Административдик жоопкерчилик тууралуу кодекске ылайык, административдик айыпты административдик комиссия гана салат. Ошондой эле айылдык кеңештин токтомдору жарыяланбай жана Юстиция министрлигине ЧУА реестрине киргизүү үчүн жиберилбей калган учурлар көп кездешет. Мындай токтомдор мыйзамдуу күчкө ээ болбойт.

**СУРОО. Инспектордук текшерүүлөр китебине бардык текшерүүчүлөр жазылыш керекпи, же айрымдар жазылбай коюуга укуктуубу?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Инспектордук текшерүүлөр китеби ар бир айыл өкмөтүндө болуш керек жана бардык текшерүүчү кызмат адамдары бул китепке маалымат калтырыш керек: кайсы уюмдун же органдын атынан келди; текшерүү кандай максатта жүзөгө ашырылды. Эгерде текшерүү арыздын негизинде жүргүзүлсө, анда текшерүүчүлөр айыл өкмөтүн ошол арыз менен тааныштырыш керек. Ар бир текшерүүдө кийин тийиштүү акт толтурулуп, айыл өкмөтүнө берилиш керек.

**СУРОО. Эгерде текшерүүчү кызмат адамдары инспектордук текшерүүлөр китебине жазуудан баш тартса, биз чара көрүүнү өтүнүп прокуратурага кайрыла алабызбы?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Мындай учурда инспектордук текшерүү китебине жазуудан баш тартканы тууралуу прокуратурага кабар берүү керек, ал эми прокуратура тийиштүү чараларды көрөт.

**СУРОО. Айыл өкмөтүнө айрым бир документтерди берүү талабы менен айрым бир көзөмөлдөөчү органдарынан телефон чалуулар болуп турат. Мындай талаптар мыйзамдуубу?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Документтерди алып койгон учурда (түп нускасын) сөзсүз түрдө тийиштүү акттар түзүлүш керек. Адатта бул иштер тергөө иш-чаралары өтүп жатканда жасалат. Кимдир бирөөнүн өтүнүчү, атүгүл телефон боюнча түшкөн талап боюнча нуска документтерди жөн эле берип коюуга укугуңуз жок. Документтер жоголгон учурда сиз административдик жана кылмыш жоопкерчилигине тартыласыз.

**СУРОО. Туруктуу бюджеттик комиссиянын атынан, айылдык кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнүн бардык бухгалтердик ишин текшере алабы?**

ЭҮЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН КЫЗМАТКЕРИНИН ЖООБУ. Жок. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык (32-бер., 10-б.), жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары ведомстволук аймакта жайгашкан уюмдар менен мекемелердин оперативдүү чарбачыл ишине кийлигишүүгө укуксуз.

Атүгүл “Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамга ылайык (12-бер.), жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңешке жана анын туруктуу комиссияларына анын аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишин менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле финансы-чарбалык иштен тышкары мамлекеттик органдарды жана жарандардын бирикмелеринин органдарынын ишин текшерүү зарылдыгы жөнүндө маселе коюуга укуктуу.

Жергиликтүү кеңеш ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга депутат баяндаган фактылар боюнча текшерүү жүргүзүүнү сунуштоого укуктуу. Текшерүүлөрдүн натыйжалары жана ал боюнча сунуштарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жергиликтүү кеңешке жана ошол текшерүүлөр анын сунушу менен жүзөгө ашырылган органга маалымат берет,

Текшерүүнүн натыйжасы боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана иши текшерилген органдардын жетекчилерине (менчик ээлерине), ошондой эле жогору турган органдарга кетирилген кемчиликтерди жана бузууларды жоюу боюнча сунуш киргизет.

## Кара ниет арызчылар тууралуу

**СУРОО. Ар бир муниципалитетте себеп бар болсо да, жок болсо да, же бир эле себеп менен түрдүү инстанцияларга дайыма даттанып турган жарандар бар. Айрым бир учурларда даттануулар тастыкталбай калат, бирок ага өтө көп убакыт сарпталып, ал негизги иштен алагды кылат, ал эми жалган маалыматты билдирген адамдар эч кандай жоопко тартылбай калат. Мыйзамда жалган жалаа жапкан жарандын жоопкерчилиги тууралуу мыйзамда каралганбы, аларды айыпка жыкса болобу?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Тилекке каршы билип туруп жалган маалымат менен мамлекеттик органга же ЖӨБ органдарына кайрылган адамдын административдик жоопкерчилиги Административдик жоопкерчилик тууралуу Кодексте азырынча каралган эмес. Бирок Кылмыш кодексинде мындай норма бар. КР УК 329-беренеге ылайык, жасалган кыл-

мыш тууралуу билип туруп жалган маалымат айткан адам кылмыш жоопкерчилигине тартылат. Бул маселени мыйзам чыгаруучу деңгээлде чечүү керек. Бирок адегенде АЖКого кандай кошумча нормаларды киргизүү керек, ал эми кайсыларды киргизбей деле койсо болооруна анализ жасоо керек.

**СУРОО. Жалган айткан даттануучуларды “кара тизмеге” киргизсе болобу жана өзгөчө алардын жүйөсү боюнча текшерүү өткөрүлсө да алардын кайрылуусун четке кагууга болобу?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Чындыгында эле мындай жарандар ар бир айылдык аймакта бар, бирок сиз айтып жаткан “кара тизме” мыйзамдарда каралган эмес. Анткен менен “Жарандардын кайрылуусун кароо тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын 10-беренеси кайталанган кайрылууларда жаңы жүйөлөр келтирилбесе же жаңы жагдайлар белгилүү болбосо эле, ошондой эле эгерде алар боюнча текшерүүлөрдүн бардык материалдары бар болсо жана арыз берүүчүгө жооп кайтарылган болсо мамлекеттик органдарга жана ЖӨБ органдарына кайталанган кайрылууларды (оозеки, жазуу жүзүндө же электрондук) карабай коюу укугу берилет.

**СУРОО. Жашыруун арыздарды караса болобу? Прокуратура органдары жашыруун арыз боюнча текшерүү жүргүзөбү?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. “Жарандардын кайрылуусун кароо тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын 9-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык, аты-жөнү, почта дареги жазылбаган жарандын жазуу жүзүндөгү арызы тоголок кат деп таанылат жана кароого жатпайт. Ошондуктан биз жашыруун арыздарды кароого укуктуу эмеспиз.

## Айыл башчысын дайындоонун тартиби тууралуу

**СУРОО. Айылдык аймакта айылдардын биринин жергиликтүү тургундары айыл башчысын өз алдынча кызматтан алып, чогулуш өткөрүп, жаңысын дайындашты. Бул канчалык мыйзамдуу? Жалпысынан айыл башчысын шайлоонун тартиби кандай?**

ЭҮЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН КЫЗМАТКЕРИНИН ЖООБУ. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 52-беренесине ылайык, айыл башчысы тиешелүү аймактагы тургундардын жыйындарынын макулдугу менен айыл башчысы тарабынан дайындалат жана айыл өкмөт башчысынын ага берген иш-милдеттерди аткарган муниципалдык кызматчы болуп эсептелет. Ошондуктан калк айыл башчыны өз алдынча кызматтан алып, өзү каалагандай жаңы айыл башчыны дайындоого укугу жок. Бул мыйзамсыз аракеттер, ал үчүн кылмыш же административдик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн.

Муниципалдык кызматтагы бош административдик кызмат орунга, анын ичинде айыл башчынын кызматын ээлөөгө сынак КР Президентинин 2006-жылдын 28-июнундагы №327 Жарлыгы менен менен бекитилген Жобого ылайык өткөрүлүп келет жана үч этапты камтыйт:

- муниципалдык орунга белгиленген квалификациялык талаптарга шайкештигине сынактын катышуучуларынын документтерин алдын ала кароо;
- талапкерлерди компьютердик тестирлөөдөн өткөрүү,
- талапкерлер менен баарлашуу, аны сынактык комиссия өткөрөт.

## Жооптуу катчынын милдеттери тууралуу

**СУРОО. Айыл өкмөттүн жооптуу катчысы бир эле учурда жергиликтүү кеңештин да катчысы болуп эсептелет. Ал биринчи кезекте кандай милдеттерди аткарыш керек: айыл өкмөттүн жооптуу катчысы катарыбы, же кеңештин катчысы катарыбы?**

ЭҮЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН КЫЗМАТКЕРИНИН ЖООБУ. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 46-беренесинде айыл аймагында аткаруу бийлигин жүзөгө ашыруу үчүн айыл өкмөтү иштей турганы, ал айыл кеңешинин депутаттарына өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда шайлоочулар алдында отчетторду даярдоого жана өткөрүүгө көмөк көрсөтөрү белгиленген. Айыл өкмөтү өз ишинде айылдык кеңешине отчет берип турат.

Ошол эле мыйзамдын 35-беренеси бул түшүнүктү ачыктоо менен айылдык кеңештердин ишин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу айыл өкмөт аппаратына жүктөлөрү так белгиленген.

Андан ары КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 23-февралындагы №91 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын айылдарынын жана поселкаларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин Типтүү кызматтык нускамалары жооптуу катчы айылдык кеңештин маселелерин кароого артыкчылык бере турганын, андан кийин гана айыл өкмөттүн маселелерин караарын белгилейт. Ошентип аталган документке ылайык, жооптуу катчы айылдык кеңештин жана айыл өкмөтүнүн ишин уюштуруучулук жактан камсыздоо боюнча ишти координациялайт, туруктуу комиссияларга жана жергиликтүү кеңештин депутаттарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын структуралык бөлүмчөлөрүнө жардам берет. Айылдык кеңештин сессияларын, айыл өкмөтүнүн жыйындарын жана жергиликтүү жамаат өкүлдөрүнүн курултайларын уюштуруу жана өткөрүү үчүн зарыл болгон материалдарды даярдоону камсыздайт.

Мындан улам айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы айылдык кеңештин планына ылайык, же айылдык кеңештин төрагасынын тапшырмасы боюнча, бирин-

чи кезекте айылдык кеңештин ишин уюштуруу жагынан камсыздоо боюнча ишмердикти координациялайт, туруктуу комиссияларга жана жергиликтүү кеңештин депутаттарына жардам берет, айылдык кеңештин сессияларын уюштуруу жана өткөрүү үчүн зарыл болгон материалдарды даярдоону камсыздайт.

**СУРОО. Айылдык кеңештин депутаттары жооптуу катчы жокто сессия өткөрө алабы?**

ЭҮЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН КЫЗМАТКЕРИНИН ЖООБУ. Жооптуу катчы жүйөлүү же башка бир себептерден улам катыша албаса, бош орун пайда болгон учурда жооптуу катчынын милдетин аткаруу айыл өкмөт аппаратынын кызматкерине убактылуу жүктөлөт. Ал айылдык кеңештин сессиясын өткөрүүнү уюштурууну камсыздайт (сессияга материалдарды даярдоо, депутаттарга кабар берүү, сессиянын протоколун жүргүзүү, добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча кеңештин токтомдорун жол-жоболоо ж.б.).

**СУРОО. Эгерде жооптуу катчы сессияны уюштурууга катышуудан баш тартса, айылдык кеңештин депутаттары жооптуу катчы болбосо сессияны өткөрө алабы?**

ЭҮЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН КЫЗМАТКЕРИНИН ЖООБУ. Эгерде айылдык кеңештин планына ылайык, же айылдык кеңештин төрагасынын тапшырмасы боюнча кеңештин кезектеги же кезексиз сессиясын өткөрүү тууралуу сунуш түшкөндө, жооптуу катчы кеңештин сессиясына даярдык көрүү жана аны уюштурууга катышуудан баш тартууга укугу жок. Бул тапшырманы аткаруудан баш тартуу өзүнүн түз кызматтык милдеттерин аткаруудан баш тартуу болуп эсептелет. Б.а., муниципалдык кызматчынын ага жүктөлгөн милдеттерин аткарбоо же тийиштүү деңгээлде аткарбоо эскертүү бергенден тарта ээлеген кызматынан бошотулганга чейинки тартипке чакыруу жаза чарасына жеткирет. Тартипке чакыруу жаза чарасы АӨ башчысына жүктөлөт.

## Токой чарба жерлери жана жайыттардын чектери тууралуу

**СУРОО. Айылдык аймакта айылдар токой чарбасынын жерлери менен чектешет, дээрлик көп жерлер, анын ичинде жайыттар жана сугарылган айдоо жерлери токой чарбаларынын карамагында турат. Ошон үчүн ЖӨБ жаш үй-бүлөлөргө жаңы үй куруу  үчүн да жер участокторун бөлө албай келет. Бул маселени кантип чечсе болот?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Адегенде КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-мартындагы №114 “Кыргыз Республикасынын жер фондун инвентаризациялоону өткөрүү жөнүндө” токтомун ишке ашыруунун алкагында жер фондун инвентаризациялап чыгуу керек. Муниципалдык жерлер жок болуп калган учурда “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” КР Мыйзамында белгиленген тартипте жерлердин категорияларын трансформациялоо үчүн материалдарды даярдап, трансформациялоо тууралуу маселени комиссиянын кароосуна киргизүү керек. Мындан тышкары айылды токой чарбасынын жерлери менен так чектөө үчүн архитектура жана курулуштун тийиштүү бөлүмүндө калктуу конуштардын (айылдардын) башкы планына буйрутма берүү зарыл.

**СУРОО. Айылдык аймакта жайыттардын чектери боюнча көптөгөн талаш-тартыштар орун алып келет, биз бул маселени кантип чече алабыз?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамга ылайык, жайыттардын чектери учурдагы айылдык аймактардын чектерин эске алуу менен мурдагы советтик жана коллективдик чарбалардын чектери боюнча бөлүштүрүүнүн негизинде белгилениши керек (3-бер.).

Жайыттардын чектеринде талаштуу участоктор болгон учурда, бул маселени туура чечүү үчүн айылдык кеңеш акимиат түзгөн жергиликтүү комиссияга кайрылыш керек. Бул маселени жергиликтүү комиссия чече албаган учурда облустук жумушчу топко же Жайыттардын чектерин бекитүү боюнча Мамлекеттик комиссияга кайрылуу зарыл.

Жайыттардын чектерин белгилөө боюнча жергиликтүү (райондук) комиссиялар айылдык аймактын жайыттарынын чегин аныктоого байланышкан маселелерди кароого ыйгарым укуктуу болгонун унутпаңыз.

Жайыттардын чегин белгилөө боюнча маселелерди чечүү үчүн түзүлгөн облустук жумушчу топ жергиликтүү (райондук) комиссиялар чечпеген жайыт чектерине тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы талаш-тартыштарды кароого ыйгарым укуктуу.

Жайыттардын чек арасын белгилөө боюнча мамлекеттик комиссиянын компетенциясына акимиат же болбосо облустук жумушчу топтор түзгөн жергиликтүү комиссиялар чечпеген талаш-тартыштарды чечүү да кирет.

## Айыл өкмөтүндө бош орунду сынактан тышкары убактылуу ээлөө тууралуу

**СУРОО. Айыл өкмөтүндө бош орун пайда болду. Биз бул бош орунга кызматкерди ал сынактан өткөнгө чейин убактылуу алып, ага маяна төлөп бере алабызбы?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Бош орун пайда болуп калган учурда кызматкерди бош кызмат боюнча милдеттерди аткаруучу кылып дайындоого жол берилбейт (Эмгек кодекси, 74-бер.). Кызматкер убактылуу жок болгондо, анын кызмат милдеттерин башка кызматкерге аткарууну жүктөөгө жол берилет. Убактылуу ордун ээлөөнүн узактыгы 3 айдан

ашпашы керек.

Ошондуктан айыл өкмөт башчысы бош кызмат орунга талапкер болгон кызматкер мыйзамдарда белгиленген тартипте сынактан өткөнгө чейин кызматкердин милдетин убактылуу аткаруучуну дайындай албайт.

Муниципалдык кызматтын бош ваканттык административдик кызматына сынак Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматтын бош административдик кызматынын ордуна сынак өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобого ылайык (КР Президентинин 2006-жылдын 28-июнундагы №327 Жарлыгы менен бекитилген).

## Сыноо мезгили тууралуу

**СУРОО. Эмне үчүн ар бир кызматкерди ишке сыноо мезгили менен алыш керек? Сыноо мөөнөтүн үч айга деп белгилөө шартпы?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. “Муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамынын 21-беренесине ылайык, муниципалдык кызматка биринчи кирип жаткан жана иш стажы болбогон адис зарыл тажрыйба алганын жана кесиптик сапаттарын текшерүү үчүн айыл өкмөт башчысы сыноо мөөнөтүн дайындай алат. Эгерде кызматкер муниципалдык кызматтын стажына ээ болсо, анда ага сыноо мезгили дайындалбайт. Айыл өкмөт башчысы аны ээлеген кызмат орду боюнча айлык акы төлөп берүү менен үч айга чейин сыноо мөөнөтүн коюп, муниципалдык кызматка дайындай алат. Башкача айтканда сынактын негизинде жумуш ордуна келген ар бир жаңы кызматкер үчүн сыноо мезгили бир айдан үч айга чейинки мөөнөткө дайындалышы мүмкүн.

Эгерде сыноо мөөнөтү өткөндөн кийин сыноонун натыйжасы канааттандыраарлык эмес деп табылса, анда муниципалдык кызматчы башка төмөн турган муниципалдык кызмат ордуна дайындалышы же муниципалдык кызматтан бошотулушу мүмкүн.

## Айыл өкмөтүндөгү штаттык юрист тууралуу

**СУРОО. Айыл өкмөт башчысы штаттык түзүмгө юристтин кызматын киргизүүгө укуктуубу?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Ооба. КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 токтомуна киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, ЖӨБдүн аткаруу органынын – айыл өкмөтүнүн - штаттык саны кызматтардын жалпы категориясына төм. бөлүштүрүлгөн: айыл өкмөт башчысы, башчынын орун басары, жооптуу катчы, бөлүм башчысы, башкы адис, алдыңкы адис, адис.

Максатка ылайыктуулугунан жана негиздүүлүгүнөн улам, ошондой эле айылдык аймактын өзгөчөлүгүнө жараша мындан ары айыл өкмөтүнүн штаттык санында кызматтардын аталышын айыл өкмөт башчысы айыл өкмөтүнүн жалпы штаттык санынын чегинде белгилене алат. Буга байланыштуу айыл өкмөт башчысы айыл өкмөттүн штаттык санында юристтин кызматын караштыра алат, анын маянасы башкы адистин деңгээлинде белгиленет.

## Жергиликтүү кеңештин төрагасынын статусу тууралуу

**СУРОО. Айылдык кеңештин төрагасы кызмат адамы болуп эсептелеби?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. КР Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодекстин (мындан ары – АЖКо) 21-беренесине ылайык, айылдык кеңештин төрагасы кызмат адамы болуп эсептелет, анткени ага мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында контролдук-көзөмөлдөөчү милдеттерди аткаруу үчүн атайын ыйгарым укук берилген. КР мыйзамдарынын талаптарын аткарбаган учурда, административдик жоопкерчиликке тартылат, ал болсо АЖКо 400-беренесине ылайык, 10 000 сом өлчөмүндө административдик айыпка тартылат, административдик тартип бузуу жыл ичинде кайрадан кайталанса, ээлеген кызматынан бошотулат.

## Айылдык кеңештин чечимдерин жокко чыгаруу тууралуу

**СУРОО. Айылдык кеңештин депутаттары кеңештин мурдагы курамы кабыл алган токтомдорду өз алдынча жокко чыгара алабы?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Эгерде буга чейин кабыл алынган токтомдор мыйзамдардагы андан жогору турган нормаларга карама-каршы келсе, анда жокко чыгара алат. Бирок бул үчүн токтомдун кайсы жери, эмнеси жана эмне үчүн мыйзамдарга карама-каршы келе турганын так негиздеп берүү зарыл.

**СУРОО. Депутаттар айыл өкмөт башчынын чечимин жокко чыгара алабы?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Чыгара албайт. Мыйзамдарда мындай мүмкүнчүлүк каралган эмес. Айылдык кеңеш айыл өкмөт башчынын чечиминде мыйзам бузууларды байкаса, мыйзамсыз чечимди жокко чыгаруу же аны мыйзамдарга шайкеш келтирүү тууралуу сунуш кабыл алалат.

**СУРОО. Эгерде прокуратурадан каршылык түшсө, кеңештин төрагасы жеке өзү кеңештин токтомун жокко чыгара алабы?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Чыгара албайт. Айылдык кеңеш коллегиялык орган болуп эсептелет. Мындан улам кеңештин бардык мыйзамсыз чечимдери аларга каршылык түшкөн учурда сессияда

коллегиялык чечим менен, депутаттардын жалпы санынан көпчүлүк добуш менен жокко чыгарылыш керек, же болбосо коллегиялык чечим кабыл алуу жолу менен ага түзөтүүлөрдү киргизүү жолу менен мыйзамга шайкеш келтирилиш керек.

**СУРОО. Көп жыл мурда кабыл алынган жана мыйзамдык күчүнө кирген айылдык кеңештин мыйзамсыз чечими үчүн ким жооптуу болот? Токтомго кол койгон үчүн төрага жеке өзү жооп бериш керекпи (төрага каршы добуш берген күндө деле көпчүлүк депутаттар “макул” деп добуш бергенде чечим кабыл алынды болуп эсептелет), же бардык депутаттар жооп береби? Эмне үчүн мындай кырдаалда прокуратуранын кызматкерлери мыйзамсыз токтомго кол койгон үчүн кеңештин төрагасын жоопко тартууга умтулушат?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. КР мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү кеңеш шайлануучу коллегиялык орган болуп эсептелет, анын токтом түрүндө тариздеген бардык чечимдери добуш берүү жолу менен кабыл алынат. Тиги же бул маселе боюнча депутаттардын жалпы санынан көпчүлүгү колдоп добуш берсе, айылдык кеңештин чечими кабыл алынды деп эсептелет. Мыйзамсыз чечим кабыл алган учурда төрага коллегиялык түрдө кабыл алынган чечим мыйзамдарга каршы келсе да, ал үчүн жеке өзү жооптуу болбош керек. Мындай учурда айылдык кеңеш прокуратура органдарынын каршылыгы боюнча, соттун чечими боюнча же өз алдынча кабыл алынган чечимди жокко чыгарып, же ага өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен мыйзамдарга шайкеш келтириш керек. Төрага “каршы” добуш бере алат, бирок эгерде көпчүлүк депутаттар “макул” деп добуш беришсе, анда ал кабыл алынган чечимге кол коюуга жана аны ишке ашыруу боюнча чара көрүүгө милдеттүү. Бул токтомдун кесепетинен зыян келтирилсе, айылдык кеңеш жалпысынан өз алдынча юридикалык жак катары жооп бериш керек.

**СУРОО. Эгерде прокуратуранын каршылыгы боюнча кеңештин чечимин жокко чыгаруу материалдык чыгымга алып келсе (мисалы, кандайдыр бир иштер аткарылып калды, кимдир бирөөлөргө айрым бир ресурстар бөлүндү), бул жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын бузууга жатпайбы? Ошол мыйзамсыз чечимди аткаруу үчүн жасалган чыгымдар эмне болот?**

ПРОКУРАТУРАНЫН ЖООБУ. Реакция жасоо актысын чыгаруудан мурда (каршылык билдирүү, эскертүү, буйруу) прокуратура буга чейин кабыл алынган мыйзамсыз токтомдун кесепетинен улам түзүлгөн кырдаалды дыкат изилдеп чыгып, ошондон кийин гана чечим кабыл алат. Эгерде чыгымдар болсо, бул маселе чыгымдардын ордун толуктоону кароо менен сотко өткөрүлөт. Эгерде олуттуу кесепеттер болбосо, мыйзамсыз токтомду жокко чыгаруу үчүн прокурордук реакция жасоо актысын чыгарабыз.

## Кызматтарды депутаттык мандат менен айкалыштыруу тууралуу

**СУРОО. Эгерде жаран айылдык кеңештин депутаты болуп шайлангандан кийин мектеп директору болуп калса, депутат өз ишин мектептин директору кызматы менен айкалыштыра алабы?**

ЭҮЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН КЫЗМАТКЕРИНИН ЖООБУ. Эгерде депутат болуп шайланган учурда мектеп директору боло элек болсо, бирок депутаттык мандатты мектеп директорунун кызматы менен айкалыштырууга тыюу салууга тиешелүү “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдагы өзгөртүүлөр күчүнө киргенден кийин мектеп директору болуп калса, депутат депутаттык мандатын директордун кызматы менен айкалыштыра албай. Ошондуктан бул жаран же иштен кетүү тууралуу арыз жазып, депутат бойдон кала бериш керек, же болбосо депутаттык мандатын тапшырып, мектеп директору болуп иштеш керек. Анткени мыйзам ал мектеп директору болуп дайындалганга чейин күчүнө кирип калган. Эгерде жаран мектеп директору болуп туруп жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланса, бул иш мыйзамдагы чектеген нормалар күчүнө киргенге чейин болсо, анда депутат да, мектеп директору да боло алат. Анткени мыйзам кабыл алынган жана шайлоо өнөктүгү жыйынтыкталгандан кийин күчүнө кирди, мыйзамдын күчү аны аракетке киргизгенге чейин пайда болгон мамилелерге жайылтылбайт.

**СУРОО. Жайыт комитетинин төрагасы жооптуу жак болуп эсептелсе, өз ишин депутаттык кызматы менен айкалыштыра алабы?**

ЭҮЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН КЫЗМАТКЕРИНИН ЖООБУ. Жайыт комитетинин төрагасы өз ишин депутаттык кызмат менен айкалыштырууга укуктуу. Анткени “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, муниципалдык жана мамлекеттик кызматчылар эгерде өздөрү депутат болгон айылдык кеңешке отчет беришсе, өзүнүн кесиптик ишин депутаттык кызмат менен айкалышытыра алышпайт. Мындай учурда жайыт комитетинин төрагасы отчет берген жак болуп эсептелсе да, мамлекеттик же муниципалдык кызматчы болуп эсептелбейт. Ошондуктан жайыт комитетинин төрагасы өз ишин депутаттык ыйгарым укуктар менен айкалыштырууга укуктуу. M




# Ачык-айкын бюджет – жарандардын мэрияга жана борбор калаанын шаардык кеңешине ишенимдин кепилдиги

**Жылдыз КЕРИМОВА,**
ӨСИ долбоорунун менеджери

Акыркы жылдары мамлекеттик бюджеттин ачыктыгы маселесине КР Өкмөтү тарабынан да, жарандык коом тарабынан да көп көңүл бурула баштады. Мындай түрдөгү кызыгуу жарандык коом өлкөнү өнүктүрүүнүн түрдүү маселелерин ачык талкуулай баштаганына байланыштуу болууда. Ал эми өлкөнүн өнүгүүсү мамлекеттик бюджеттин абалына аздыркөптүр байланган. Шаарлар жана айылдык аймактар деңгээлинде бюджеттик чөйрөдө олуттуу өзгөрүүлөр жүрүп жатат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу маселелеринде өз алдынчалуулугу жалпы мамлекеттик салыктарды бөлүүнүн үлүшүн олуттуу жогорулатуунун, кирешелер курамына салыктардын жана жыйымдардын жаңы түрлөрүн киргизүүнүн эсебинен киреше потенциалын көбөйтүү менен бекемделип жатат. Каржылык ресурстардын көлөмүнүн өсүшү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан бюджеттик процессти ишке ашыруу үчүн жогорку деңгээлдеги жоопкерчиликти талап кылат. Бул шарттарда бюджеттин айкындуулук маселеси жарандардын бюджеттик маселелерди талкуулоого активдүү катышуусунун маанилүү фактору болуп калат.

Акыркы убактарда көбүрөөк көңүл Бишкек жана Ош шаарларынын бюджетинин абалына бурулуп жатат. Бул биринчи кезекте ушул эки шаардын борбор калаа макамына, ал жактарда олуттуу каржылык ресурстардын топтолушуна байланыштуу. Бишкек жана Ош шаарларынын бюджеттери өлкөнүн жергиликтүү бюджеттеринин бардык кирешелеринин 50% ашыгын түзөт. Борбор шаарларда калкка калкка көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү өзгөчөлүү, инфраструктуранын объекттеринин олуттуу санына, калктын санынын ички миграциянын эсебинен өсүшүнө, мамле-

кеттик ыйгарым укуктарды олуттуу көлөмдө аткарууга байланыштуу бул шаарларга мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөр бар. Бул шаарлардагы бюджеттик процесстердин татаалдыгына карабастан жарандык коом, жарандардын активдүү топтору бийликтен бюджеттин ачыктыгын жана шаарларды өнүктүрүүгө катышуу мүмкүнчүлүгүн талап кылып келишет.

Республикалык бюджеттин, элеттик жана шаардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджети, Бишкек жана Ош шаарларынын бюджети ачыктык жагынан алып караганда жарандардын суроо-талаптарына толук өлчөмдө жооп бербейт. Бюджеттердин абалы тууралуу бар болгон маалымат эки шаардын тең бюджеттик процессинин натыйжалуулугун баалоо мүмкүнчүлүгүн бербейт.

Шаардыктар үчүн ачык саясат жүргүзүүнүн маанисин түшүнүү менен мэриянын жана шаардык кеңештердин атынан Бишкек менен Оштун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары “Бишкек жана Ош шаарларында бюджеттик процесстин айкындуулук жана отчеттуулук деңгээлин жогорулатуу” Долбоорун ишке ашыруу боюнча Өнүктүрүү саясат институтунун демилгесин колдоого алышты. Долбоорго каржылык колдоону Британиянын Эл аралык кызматташтык боюнча министрлиги көрсөттү.

Долбоорду ишке ашыруунун алкагында жашоочуларга түшүнүктүү жана жеткиликтүү түрдө, түрдүү максаттуу топторду камтый ала турган, муну менен карапайым тургундарга шаардык бюджеттерде каражаттардын бөлүштүрүлүшүн түшүндүрүп жана көрсөтүү менен инфографика жана китепчелер түрүндө шаардык бюджеттерди иштеп чыгуу жана басып чыгаруу пландалууда. Жарандык бюджетти иштеп чыгуу практикасы Кыргыз Республикасында жайыла баштады жана өз натыйжалуулугун көрсөтүүдө.

Бишкек шаарында коомдук угууларды өткөрүү боюнча калыптанып калган практика бюджет боюнча





коомдук угууларды өткөрүү боюнча жаңы жобонун эсебинен өркүндөтүлөт жана колдоого алынат. Анда мындай түрдөгү иш-чарага даярдык көрүү боюнча кадамдар көрсөтүлөт. Жаңыча мамилелер шаардыктардын бюджетти талкуулоого чындап катышуусун камсыздоого жол берет.

Ошондой эле шаардыктар тарабынан жергиликтүү аймактык башкармалыктардын ишин баалоо усулун иштеп чыгуу жана сыноо да пландалууда. Мындай түрдөгү программа жарандар тарабынан бюджеттик каражаттарды чыгымдоонун натыйжалуулугун баалоо үчүн алга шилтенген кадам болуп эсептелет. Мөөнөттөрдүн чектелүү болгонуна карабастан жогоруда санап берген иштерди 2014-жылдын 31-декабрына чейинки мөөнөттө соңуна чыгаруу пландалууда.

Долбоор Бишкек жана Ош шаарларындагы бюджеттик процессти ММКда чагылдыруу боюнча көп иштерди аткарып жатат. Шаардык бюджеттердин абалы тууралуу пресс-сессиялар өттү. Алардын максаты – экономиканын жана бюджеттин татаал маселелерин кесипкөй деңгээлде чагылдыра алышы үчүн журналисттердин дараметин жогорулатуу.

Мисалы, Долбоор Бишкек шаарында саламаттык сактоо чөйрөсүн каржылоо системасын өзгөртүү боюнча маалымат өнөктүгүн коштоп жүрөт. Ошондой эле шаарды өнүктүрүүнүн башка маселелери боюнча жана бюджеттик процесстерге байланыштуу да маалыматтык коштоо пландалууда.

Бишкек жана Ош шаарларында бюджеттик процессти толук жана кызыктуу чагылдыруу үчүн ММК жана авторлор арасында байге фонду 5000 долларды түзгөн “Шаар бюджети – менин бюджетим” темасына сынак жарыяланды. Бул сынак аталган темаларга ММКнын кызыгуусуна дем берүү, тең салмактуу, жогорку кесипкөй деңгээлде материалдарды даярдоо үчүн журналисттерди шыктандыруу максатын көздөйт.

Бардык иш-чаралар жыйынтыкталгандан кийин Бишкек жана Оштун шаардык кеңештерине 2015-жылга бюджеттик процесстин айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоо боюнча планды иштеп чыгуу жана кабыл алуу сунушталат. Бул болсо жогоруда аталган демилгелердин туруктуулугун камсыздоого жол берет.